# ХАЗАРАТТАР КАГЫЛЫШШЫ КАЧЫП КУТУЛГУС



**Хизбут-Тахрир басылмаларынан**

**1423х - 2002м**

## Аят маанилеринин котормосу

Окурмандар эсине: Куран аяты деп аяттын араб тилиндеги текстине гана карата айтылат. Ушул китеп ичинде курсив менен берилген кыргыз тилиндеги текст аят маанилеринин котормосу болуп саналат.

Пайгамбар ﷺдын хадистери калың арипте берилген

ﷺ - соллаллоху алайхи ва саллам
رضي الله عنه - розияллоху анху/анха
عليه السلام - алайхис-салам
**www.hizb-ut-tahrir.org**

## Мазмуну

**Хазараттар түшүнүгү ........................................................ 4**

**Хазараттар арасындагы диалог түшүнүгү ............................ 7**

**«Хазараттар арасындагы теңдик» фикраты ....................... 13**

**«Башка дин жана хазараттарды кабыл алуу» фикраты.... 15**

**Мукабыл хазарат фикраты ................................................. 20**

**Хазараттар арасындагы күрөш. Ислам менен башка хазараттардын ортосундагы күрөштүн тарыхы................ 21**

**Хазараттар күрөшүнүн түрлөрү ......................................... 31**

*Пикирий күрөш* ........................................................................ **31**

*Экономикалык күрөш* .............................................................. **33**

*Саясий күрөш*............................................................................ **35**

*Аскерий күрөш* ......................................................................... **37**

**Исламдагы хазарий күрөштү тануучулардын күмөндүү далилдери ............................................................... 40**

**Талап жёйихадын тануучулардын күмөндүү далилдерине раддия............................................................. 46**

**Тыянак ................................................................................... 50**

بسـم الله الرحمن الرحيم

## ХАЗАРАТТАР ТҮШҮНҮГҮ

Хазарат – бул турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрдүн топтому. Ал диний-илахий же вазъий-башарий болушу мүмкүн. Диний-илахий хазарат, кудум Ислам акыйдасынан балкып чыккан Исламий хазарат сыяктуу акыйдадан балкып чыгат. Вазъий-башарий хазарат болсо, динди турмуштан ажыратуу акыйдасынан балкып чыккан Батыштын капиталисттик акыйдасына негизделген болушу мүмкүн же – шинто, грек, вавилон же ашурийлердин хазараттары сыяктуу – акыйдадан келип чыкпаган болушу да мүмкүн. Бул хазараттар бир нече калктар кабыл кылган турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрдүн топтому болуп, улуттук же вазъий хазарат деп аталат.

Мындан тышкары, бир же бир нече калктардын насронийлик (христианчылык) же буддизм сыяктуу – өзүндө турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрдү камтыбаган – акыйдасы жана дини болушу мүмкүн. Адамдар турмуш жөнүндө өздөрүнө ылайык келген түшүнүктөрдү кабыл кылат жана ушул түшүнүктөр алардын хазаратын калыптандырат. Бирок, ал хазараттын алардын динине тиешеси болбойт, себеби, ал динден балкып чыкпаган. Ошондуктан, алардын өз дини болушуна карабастан, хазараттары илахий болбойт. Арийне, бир нече калктардын диндери ар түрдүү болушуна карабастан, хазараттары бирдей болушу да мүмкүн - кудум япон, инду, сикх жана француздар сыяктуу. Алардын диндери башка-башка ал эми хазараттары болсо бирөө т.а. капиталисттик хазарат.

Турмуштук иштерде иштетиле турган жана сезүү органдары жардамында сезиле турган нерселердин маддий көрүнүштөрү – кээде хазараттан келип чыккан болсо да – хазарат деп айтылбайт. Түшүнүктөр топтомун түшүндүрүп тура турган «хазарат» сөзүнөн айырмаланып турушу үчүн маддий көрүнүштөрдү «маданият» деп аташыбызга жолтоо боло турган эч нерсе жок. Эстелик сыяктуу белгилүү бир хазараттан келип чыккан маддий көрүнүштөр хусусий маданияттын бир бөлүгү болот. Ал эми маддий көрүнүш – телевидение, ракета, самолёт жана пенициллин сыяктуу – илим жана өнөржайдын өнүгүүсүнөн келип чыккан болсо, ал умумий маданияттын бир бөлүгү болот. Демек, маданият хусусий жана умумий болот, хазарат болсо, бир гана хусусий болот. Мындай айырмалоонун себеби аны алуу же албоого тиешелүү. Т.а. хусусий маданиятты башкалардан алышыбыз жайыз эмес, умумий маданиятты болсо алышыбыз мүмкүн.

Хазарат менен маданияттын ортосундагы айырмага ар дайым көңүл буруу ылазым. О.э. хазараттан келип чыга турган маддий көрүнүштөр менен илим жана өнөржайдын өнүгүүсүнөн келип чыга турган маддий көрүнүштөрдүн ортосундагы айырмага да көңүл буруу ылазым. Бул болсо, белгилүү бир маданиятты алууда анын маддий көрүнүштөрүн жана маданият менен

хазараттын ортосундагы айырманы ажырата билүү үчүн зарыл. Мисалы, илим жана өнөржайдын өнүгүүсүнөн келип чыккан Батыш маданиятын алууга тоскоолдук кыла турган эч нерсе жок. Ал эми, Батыш хазаратынан келип чыккан Батыш маданиятын эч бир абалда алуу жайыз эмес, себеби, ал негизделген акыйда Ислам хазаратына тескери. Биздин акыйдабыз алардын орточо чечим жана динди турмуштан ажыратуу негизине курулган акыйдасынан таптакыр башкача. Дүйнө турмушун сүрөттөө б.а. иштердин өлчөөсү биздин назарыбызда адал жана арам менен өлчөнсө, аларда бир гана маддий пайда менен өлчөнөт. Дайымий кадыржамдык эсептелген бактылуулуктун мааниси биз үчүн Алланын ыраазылыгына жетүү болсо, алар дене ырахатына жетишүүнү бактылуулук деп билишет.

Ошондуктан, биз башкалардан ала турган же албай турган нерселерди анык билишибиз үчүн, хазарат менен маданият ортосундагы айырманы о.э. хазараттан келип чыккан маданият менен илим жана өнөржайдын өнүгүүсүнөн келип чыккан маданияттын ортосундагы айырманы ажырата билишибиз керек.

«Түшүнүктөрдү хазарат, маддий көрүнүштөрдү болсо маданият деп атоонун себеби эмне, акыры хазарат сөзү шаар жана кыштактарда туруктуу жашоону түшүндүрсө, маданият сөзүнүн негизи болгон мадана сөзү да туруктуу жашоо же шаарга келүүнү түшүндүрсө, эмне үчүн башкача эмес?» делиши мүмкүн. Мунун жообу мындай, хазарат лугатта пикирлерге тиешелүү маанилер үчүн пайдаланылган, демек, ал түшүнүктөр мааниси үчүн жакыныраак. Анткени, «Комус»та: «Жакшы сүйлөөчү жана илимдүү киши «**хозур**»», делген; «Лисон»до болсо «Жакшы сүйлөөчү «**хазр**», жакшылык менен келгенде «**хозир**»» делген; о.э. хадисте: «(«**Яхзуркум**») өзүңөрдө бар нерсени айткыла жана башкасы деп өзүңөрдү кыйнабагыла», - деп келген. Демек, хазарат сөзү түшүнүктөр топтому үчүн пайдаланууга маданият сөзүнөн көрө ылайыктуураак жана жакыныраак, маданият сөзү болсо маддий көрүнүштөр үчүн пайдаланууга ылайыктуураак. Айрым кишилер ушул терминдерде карама-каршылык же тескерилик жок дешет. Биз түшүнүктөр жана алардан келип чыккан маддий көрүнүштөр менен илим-фан, ачылыштар жана өнөржайдын өнүгүүсүнөн келип чыккан маддий көрүнүштөрдүн арасын ажырата билишибиз керек, анткени, биринчисин алуу жайыз эмес, экинчисин болсо алсак болот.

Хазарат – бул турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрдүн топтому болуп, диний-илахий же вазъий-башарий болушу мүмкүн деп айтып өттүк. Диний-илахий хазараттын мисалы Ислам хазараты, вазъий хазараттын мисалы болсо индуизм жана капиталисттик хазарат. Ушул хазараттардын бар экендиги анык жана танып болбой турган акыйкат. Алардын арасындагы айырма да ушундай акыйкат, аны наадан кимсе гана инкар кылышы мүмкүн. Диний хазараттын алына турган булагы вахий болсо, ал эми вазъий хазараттын булагы аны кабыл кылган калк болот. Ушунун өзү, кээде айрым түшүнүктөр окшош болуп көрүнсө да, алардын арасындагы айырманы түшүнүүгө

жетиштүү болот. Алардын бирдей болуп көрүнүшү ылайыкташкандык да, муштарактык (ортоктоштук) да эмес, себеби хазарат алынып жатканда, келип чыккан негизи менен бирге алынышы керек. Демек, эки хазараттын негизи эки башка болсо, айрым түшүнүктөрдүн бири-бирине ылайыктуу экендиги же турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрдүн окшоштугу этибарга алынбайт. Анткени, түшүнүк негиздин бир тармагы болуп, жалаң гана өзүнүн негизи менен бирге алынат. Исламий хазарат да, капиталистик хазарат да балык жешке, жүндүү мата кийүүгө, шахсий мүлккө, аялдын кепилдигине, акимди тергеп-тескөөгө жана дарыланууга уруксат берет. Бирок, ушул жана башка нерселердин Алла тарабынан Мухаммад ﷺга вахий кылынган шариат деген этибарда алынышы гана Исламий хазараттан болуп саналат. Ошол эле убакта, алар капиталистик хазаратта пайдалуу болгону же акыл аларды жакшы деп санаганы себептүү алынат. Эгер мусулман киши аларды пайдалуу болгону же акылы жагымдуу деп билгени үчүн ала турган болсо, Ислам үчүн алган деп эсептелбейт.

Хазараттардын арасындагы тескерилик инкар кылуу мүмкүн болбогон акыйкат. Биз үчүн маанилүүсү, Исламий хазарат менен башка хазараттардын, айрыкча, капиталистик хазараттын арасындагы тескерилик; андан келип чыга турган же ага негизделген маселелер – мисалы: сухбат, кагылыш, бүткүл дүйнөлүк хазаратты вужудга келтирүүнүн мүмкүндүгү, күрөшүүнүн көрүнүштөрү жана формалары, анын дайыма уланышы же уланбашы о.э. бир хазараттын башкалардан үстөм болушу, диндер арасындагы сухбатка (диалогго) чакырып жаткандар муну менен эмнени назарда тутуп жаткандыгы, ага карата кандай өңүт ээлешибиз керектиги, ошону менен бирге диндер, хазараттар жана башка тараптардын арасындагы айырмаларды түшүнүшүбүз.

Диндер эки түрдүү болот. Ислам дини сыяктуу өзүнөн хазарат келип чыга турган т.а. турмуш жөнүндөгү түшүнүктөр топтомун камтыган дин жана насронийлик сыяктуу өзүнөн хазарат келип чыкпай турган т.а. турмуш жөнүндө пикир бербей турган дин. Насронийликте уурулук же зына кылба деген пикирлер болсо да, турмуштун бардык тараптарын камтып ала турган түшүнүктөр топтому жок. Ошондуктан, насронийлик өзүнөн хазарат келип чыкпай турган динге мисал боло алат.

Капиталисттик хазарат – калкынын көпчүлүгү насроний болгон өлкөлөрдө пайда болгондугуна карабастан – насронийликтен келип чыккан эмес. Ошондуктан, Ислам менен насронийлик ортосундагы кызматташтык, күрөш же сухбат, Ислам менен капитализм хазаратынын ортосундагы сухбат же күрөштөн айырмаланат.

## ХАЗАРАТТАР ОРТОСУНДАГЫ ДИАЛОГ ТҮШҮНҮГҮ

Биз сухбат (диалог) же күрөш туурасында сүйлөгөнүбүздө – бир тараптан мусулмандарды жана алардын дини менен хазараттарын; экинчи тараптан насронийлер жана алардын динин; о.э. капиталисттерди жана алардын хазараттарын – назарда тутабыз. Капиталистик хазараттын жетекчи жана муфаккирлери (идеологдору) Ислам менен мусулмандардын арасын ажыратып таштоого аракет кылып келишет. Алар «Ислам улуу, бирок, мусулмандар калак, алардын арасында террористтер да бар» деп жатышат. Алар бул сөздөрү менен жалган айтып жатышат, себеби, эгер Ислам алардын назарында чындап эле улуу дин болгондо, алар аны кабыл алган болушар эле. Муну менен алар кайсы бир мусулман калкка сокку берүү же өз хазаратынын түшүнүктөрүн мусулмандар арасында жаюунун акыбетинде жүзөгө келе турган каршылык туйгусун өчүрүп, карапайым мусулмандарды чалгытууга аракет кылышат. Алар Исламий акыйда мусулмандар жүрөгүндө али да бар экендигин жана өтө күчтүү экендигин абдан жакшы билишет. Эгер алар өз кек-душмандыгын ашкере кыла турган болсо, муну менен мусулмандардын туйгусун толкутуп, аларды чыйралтып койгон болор эле. Ушул себептен улам, алар ушул чалгытуучу сөздөрдү мусулмандардын аң-сезимин уулоо жана аларды алдоо жолунда курал кылып иштетип жатышат. Айрым мусулмандар болсо, насроний жана капиталисттер сунуш кылып жаткан же аларга малай болуп калган муфаккирлер үгүттөп жаткан калыптагы сухбатты кабыл алып жатышат. Алар ушул сухбатка аныктама берүүдө өз этибарын үч нерсеге каратып жатышат: биринчиси - диндер жана хазараттар теңдиги, бирер дин же хазараттын башка дин же хазараттан үстөм же абзел эместиги; экинчиси – сухбаттын темасы башканын пикирин гана билип коюп, аны сындоого же бекер кылууга аракет кылбастык; үчүнчүсү - эки дин жана эки хазарат ортосундагы жалпылык нукталарын таап, мукабыл (альтернатив) хазаратты вужудга келтирүү.

Жогорудагылар алардын назарындагы сухбат түшүнүгү болуп, алардын дабаасы боюнча бул «Умумий негизде алып барыла турган жана мукабыл хазаратты пайда кыла турган сакафий өзгөчө тараптар ортосундагы бирден-бир натыйжалуу мамиле болуп саналат» (доктор Милод Ханнанын 2001-жылы 2-апрель күнү Египетте өткөрүлгөн маданият конференциясында сүйлөгөн сөзүнөн). «Хазараттар качан гана өз ара ортоктош жана гумандуу негиз издеп табышса гана өнүгүшөт жана тынчтыкты жайышат» (Исламий окуу жайлар конференциясы уюмунун баш катчысы доктор Жаъфар Абдуссалам). Алардын бири болсо мындай дегенге чейин жетип барды: «Ислам алака орнотуу, мамиле кылуу жана өнүгүүнүн дини, ал – бирөөлөр айтып жаткандай - жабык, өз кабыгына оронуп алуу дини эмес. Тескерисинче, Ислам жана мусулмандардын алтын доору – Исламий хазарат ааламдагы башка хазараттар менен алака кылган убакта о.э. дүйнөгө жайылып, башка башарий мурас жана хазараттардан байып, аларды толук өздөштүрүп, өзүнүн мурасын жана

хазаратын аларга тартуулаганда жүз берген. Мына ошол Исламий мамлекеттин алтын доору болгон эле» (доктор Косим Жаъфардын 2001-жылы 29-сентябрда «Ал-Жазира» телеканалы «Кылымдын биринчи согушу» рубрикасы астында «Америкадагы жардыруулар: хазараттар кагылышуусуна себеп болобу же сухбатка себеп болобу?» деген темада өткөргөн маектеги сөзүнөн). Ал сөзүн улантып дагы мындай деди: «Биз араб жана мусулмандар деген этибарда бул проблемадан баш тартышыбыз керек… биз көз карандылык деңгээлинде эмес, балким теңдик деңгээлинде туруп дүйнөдөгү алдыңкы орунду ээлешибиз үчүн өзүбүзгө, хазаратыбызга, тарыхыбыз жана мурасыбызга терең ишенишибиз керек…». Дагы бир «сухбат катышуучусу» мындай деди: «Ислам хазараты дүйнөдөгү хазараттар ортосундагы жалпылык үстүнө курулган, ал өзгө хазараттар менен алака орнотуп, аларды кабыл кылат» (Амр Абдулкарим, саясат таануучу, **IslamOnline.net**). Башка бири болсо, хазараттар сухбатын кубаттоо үчүн Курани Карим аяттарынан далил келтирүүгө урунуп мындай деди: «Жана биздин улуу Кураныбыз башкалар менен сухбат кылууну тастыктайт: мушриктер менен сухбат кылууга:

﴿وَإِنْ أَحَدٌ مِنَ الْمُشْرِكِينَ اسْتَجَارَكَ فَأَجِرْهُ حَتَّى يَسْمَعَ كَلاَمَ اللَّهِ﴾

***- «****(Эй Мухаммад),* ***эгер мушриктердин бирери сенден коргоо сураса, анда аны Алланын сөзүн угушу үчүн коргогун. Кийин аны өзү үчүн тынч болгон жайга жеткизип койгун. Бул*** *(өкүм)* ***алардын билбеген коом болгону үчү».*** **[9:6]**

Капырлар менен сухбатка:

﴿قُلْ يَاأَيُّهَا الْكَافِرُونَ﴾

***- «****(Эй Мухаммад),* ***айткын: «Эй капырлар!»*** **[109:1]**

Дүйнөдөгү азыр бар болгон расмий диндер менен сухбатка:

﴿يَاأَهْلَ الْكِتَابِ تَعَالَوْا إِلَى كَلِمَةٍ سَوَاءٍ بَيْنَنَا وَبَيْنَكُمْ أَلاَّ نَعْبُدَ إِلاَّ اللَّهَ وَلاَ نُشْرِكَ بِهِ شَيْئًا وَلاَ يَتَّخِذَ بَعْضُنَا بَعْضًا أَرْبَابًا﴾

***- «Айткын*** *(Эй Мухаммад):* ***Эй Китеп берилгендер (яхудий жана насронийлер), бизге да, силерге да теңдеш болгон бир сөзгө келгиле – жалгыз Аллага гана ибадат кылалы, Ага эч нерсени шерик кылбайлы жана бири-бирибизди Алладан башка теңир кылып албайлы».*** **[3:64]**

О.э. башкалар менен сухбат кылууда теңдик деңгээли негиз болуш керек… Биз мусулман болгонубуз себептүү гана күрөш түбөлүк уланышы жөнүндө айтышыбыз мүмкүн эмес деп, Курандагы ушул:

﴿تَعَالَوْا إِلَى كَلِمَةٍ سَوَاءٍ بَيْنَنَا وَبَيْنَكُم﴾

***– «… бизге да, силерге да теңдеш болгон бир сөзгө келгиле»,*** **[3:64]**

- аятка ишара кылдым. Бул аят биз насронийлер менен сухбат кылышыбыз мүмкүн экендигин түшүндүрөт. Биз яхудийлер (жөөттөр) менен да, башкалар менен да сухбат кыла беребиз. Кантип дейсизби? Аят *«бизге да, силерге да теңдеш сөз »*, - деп жатат. Ошондуктан, биздин сөзүбүзгө келиңиз, сухбат

кылабыз дебейбиз». (Иран президентинин кеңешчиси Атоуллох Мухожироний, жогоруда айтып өткөн маектеги сөздөрдөн).

О.э. диндер ортосунда умумий махражга негиз салуу үчүн диндер сухбатына чакырып, алардын ортосундагы карама-каршылыктар тууралуу - мусулмандардын аң-сезимин уулаш үчүн – үндөбөй жаткан кимселер да бар. «Ибрахимдин балдары» деген атамага ишара кылып, үч динди алып келгендер бир атанын т.а. Ибрахим ﷺдын балдары деп, диндер арасындагы сухбатты күчөтүүгө чакырып жаткандар да бар. Айрым мусулмандар Курани Карим аяттары менен бардык пайгамбарлар мусулман болгондугун далил кылып жатышат. Мисалы, Алла Таала Нух ﷺ тили менен мындай деген:

﴿وَأُمِرْتُ لأَنْ أَكُونَ أَوَّلَ الْمُسْلِمِينَ﴾

***- «Жана мен мусулмандардын алдыңкысы болууга буйрулганмын».*** **[39:12]**

Ибрахим жана Исмаил тилдери менен мындай деген:

﴿رَبَّنَا وَاجْعَلْنَا مُسْلِمَيْنِ لَكَ وَمِنْ ذُرِّيَّتِنَا أُمَّةً مُسْلِمَةً لَكَ﴾

***- «Роббибиз, бизди мусулмандардан кылгын жана урпактарыбызды да мусулман кишилер чыгара көр».*** **[2:128]**

Лут ﷺ коому жөнүндө мындай деген:

﴿فَمَا وَجَدْنَا فِيهَا غَيْرَ بَيْتٍ مِنَ الْمُسْلِمِينَ﴾

***- «****(Бирок)* ***ал жайда бир үй-бүлөдөн (т.а. Лут пайгамбардын үй-бүлөсүнөн) башка мусулмандарды таппадык».*** **[51:36]**

О.э. хаварийлер тили менен мындай деген:

﴿وَاشْهَدْ بِأَنَّا مُسْلِمُونَ﴾

***- «****(Эй Иса)* ***күбө болгун, биз Аллага мусулманбыз».*** **[3:52]**

Ким билсин, жакында яхудий жана насронийлерди мусулман дей турган кимселер да пайда болуп калабы. Азырынча биз үч динди тутуучуларды момун деп жаткандарды да угуп жатабыз, арийне, Курани Каримдин субуту жана далалаты катъий нусустары яхудий жана насронийлер капыр экендигин анык келтирген. Алла Таала айтат:

﴿إِنَّ الَّذِينَ يَكْفُرُونَ بِاللَّهِ وَرُسُلِهِ وَيُرِيدُونَ أَنْ يُفَرِّقُوا بَيْنَ اللَّهِ وَرُسُلِهِ وَيَقُولُونَ نُؤْمِنُ بِبَعْضٍ وَنَكْفُرُ بِبَعْضٍ وَيُرِيدُونَ أَنْ يَتَّخِذُوا بَيْنَ ذَلِكَ سَبِيلاً ۞ أُولَئِكَ هُمُ الْكَافِرُونَ حَقًّا وَأَعْتَدْنَا لِلْكَافِرِينَ عَذَابًا مُهِينًا﴾

***- «Албетте, Алла жана Пайгамбарына ишенбей турган, Алла менен пайгамбарларынын ортолорун жаракалашты каалай турган*** *(т.а. Аллага ишенип, пайгамбарларын тана турган)* ***жана «айрым пайгамбарларга ишенебиз, айрымдарына ишенбейбиз» дей турган о.э. ара жолду тутууну каалай турган кимселер – дал ошолор чыныгы капырлар, алар үчүн кор кылуучу азапты даярдап койгонбуз.*** **[4:150-151]**

﴿لَمْ يَكُنِ الَّذِينَ كَفَرُوا مِنْ أَهْلِ الْكِتَابِ وَالْمُشْرِكِينَ مُنفَكِّينَ حَتَّى تَأْتِيَهُمُ الْبَيِّنَةُ ۝ رَسُولٌ مِنَ اللَّهِ يَتْلُوا صُحُفًا مُطَهَّرَةً﴾

***- „Ахли Китептен жана мушриктерден болгон капыр кимселер тээ аларга ачык күбөлүк келгенге чейин*** *(куфрдан)* ***ажыроочу болушпады. (Ал ачык күбөлүк) Алла тарабынан*** *(жиберилген)* ***бир пайгамбар*** *(т.а. Мухаммад болуп, аларга)* ***ичинде эң туура жазуулар – өкүмдөр болгон таза сахифаларды*** *(т.а. Куранды)* ***окуйт».*** **[98:1-2]**

﴿قُلْ يَاأَهْلَ الْكِتَابِ لِمَ تَكْفُرُونَ بِآيَاتِ اللَّهِ وَاللَّهُ شَهِيدٌ عَلَى مَا تَعْمَلُونَ﴾

***- „****(Эй Мухаммад),* ***айткын: «Эй китеп берилгендер, эмне үчүн Алланын аяттарын танып жатасыңар? Акыры Алла кылып жаткан иштериңерге күбө го!»“*** **[3:98]**

﴿مَا يَوَدُّ الَّذِينَ كَفَرُوا مِنْ أَهْلِ الْكِتَابِ وَلاَ الْمُشْرِكِينَ أَنْ يُنَزَّلَ عَلَيْكُمْ مِنْ خَيْرٍ مِنْ رَبِّكُمْ وَاللَّهُ يَخْتَصُّ بِرَحْمَتِهِ مَنْ يَشَاءُ وَاللَّهُ ذُو الْفَضْلِ الْعَظِيمِ﴾

***- „Ахли китептер*** *(яхудий жана насронийлер)****ден болгон капырлар да жана мушриктер да силерге Роббиңер тарабынан бир жакшылык*** *(т.а.вахий)* ***түшүшүн каалашпайт. Алла болсо Жакшылыгын Өзү каалаган кишисине жекече кылып берет. Алла улук бир жоомарттык ээси».*** **[2:105]**

﴿يَاأَهْلَ الْكِتَابِ لِمَ تَكْفُرُونَ بِآيَاتِ اللَّهِ وَأَنْتُمْ تَشْهَدُونَ﴾

***- „Эй Китеп берилгендер, эмне үчүн өзүңөр күбө болуп туруп, Алланын*** *(Тоороттогу Мухаммаддын чыныгы пайгамбар экендиги жөнүндөгү)* ***аяттарын танасыңар?!“*** **[3:70]**

﴿وَبِكُفْرِهِمْ وَقَوْلِهِمْ عَلَى مَرْيَمَ بُهْتَانًا عَظِيمًا﴾

***- „Дагы капырлыктары жана Мариям туурасында чоң (улуу) жалаа кылгандыктары себептүү …“,*** **[4:156]**

﴿لَقَدْ كَفَرَ الَّذِينَ قَالُوا إِنَّ اللَّهَ ثَالِثُ ثَلاَثَةٍ﴾

***- „«Алла - Үчтүн*** *(т.а. Алла, Мариям жана Исанын)* ***бири»,- деген кишилер да анык капыр болушат “.*** **[5:73]**

﴿قَاتِلُوا الَّذِينَ لاَ يُؤْمِنُونَ بِاللَّهِ وَلاَ بِالْيَوْمِ الآخِرِ وَلاَ يُحَرِّمُونَ مَا حَرَّمَ اللَّهُ وَرَسُولُهُ وَلاَ يَدِينُونَ دِينَ الْحَقِّ مِنَ الَّذِينَ أُوتُوا الْكِتَابَ حَتَّى يُعْطُوا الْجِزْيَةَ عَنْ يَدٍ وَهُمْ صَاغِرُونَ﴾

***- „Аллага жана акырет күнүнө ишенбей турган, Алла жана Анын пайгамбары арам деген нерсени арам деп билбей турган, Акыйкат*** *(т.а. Ислам)* ***динине этикат кылбаган, Китеп берилгендерден болгон кишилерге каршы, тээ алар кордолгон абалдарында, өз колдору менен*** *(моюндарындагы)* ***жизя-салыкты төлөшмөйүнчө согушкула!“*** **[9:29]**

﴿هُوَ الَّذِي أَخْرَجَ الَّذِينَ كَفَرُوا مِنْ أَهْلِ الْكِتَابِ مِنْ دِيَارِهِمْ لأَوَّلِ الْحَشْرِ﴾

***- „Ал ахли Китептен капыр болгон кимселерди, биринчи топтогондо эле өз мекендеринен айдап чыгарган зат“.*** **[59:2]**

Демек, алар мусулман эмес, капырлар. Аларды мусулман дешибиз жайыз эмес. Себеби, Ислам сөзүнүн лугавий мааниси моюн сунуу болсо, анын шаръий мазмуну Алла Субханаху Мухаммад ﷺга түшүргөн дин. Исламдын лугавий маанисин мурунку пайгамбар ﷷдарга о.э. Мухаммад ﷺ пайгамбар кылып жиберилишинен жана алар өз китептерин өзгөртүүсүнөн мурун, ал заттарга ыйман келтирип ээрчигендерге карата иштетүү жайыз болсо да, Мухаммад ﷺ пайгамбар кылып жиберилгенден кийин мындай иштетүү жайыз эмес. Демек, кимде-ким ал затка жана анын рисалатына ыйман келтирбесе капыр болот, андай кимсени мусулман же момун деп атоо мүмкүн эмес. Алла Таала айтат:

﴿وَقُلْ لِلَّذِينَ أُوتُوا الْكِتَابَ وَالأُمِّيِّينَ أَأَسْلَمْتُمْ فَإِنْ أَسْلَمُوا فَقَدْ اهْتَدَوا وَإِنْ تَوَلَّوْا فَإِنَّمَا عَلَيْكَ الْبَلاَغُ وَاللَّهُ بَصِيرٌ بِالْعِبَادِ﴾

***- „Кийин Китеп берилгендер жана аамийлерден: «Исламга кирдиңерби?» - деп сурагын! Эгер Исламга киришсе, анык Туура Жолду табышыптыр. Эми эгер баш тартышса, анда, сенин мойнуңдагы милдет жеткирип коюу гана “.*** **[3:20]**

Расулулла ﷺ айтты: «**Мухаммаддын жаны колунда болгон затка ант болсун, бул коомдон ким болбосун - яхудийби, насронийби - мени угуп, андан кийин менин рисалатыма ыйман келтирбеген абалда өлсө, тозок ахлинен болот**». Ибн Хиббан Анас ؓдан рыбаят кылып келтирет, Кайсар Расулулла ﷺга «Мен мусулманмын» деп кат жиберди, Расулулла катты окуп: «**Алланын душманы жалган сүйлөптүр. Ал мусулман эмес, насроний**»,- деди.

Араб мамлекеттери лигасынын баш катчысы Амр Муса бирер абзел хазарат бар экендигине ишенбешин ачык айтты. Анын сөзүнүн мазмунунан Исламий хазараттын да капиталистик, инду же яхудий хазараттарынан абзел эместиги көрүнүп турат. Ал Италия премьер-министри Берлускониге раддия берип: «Биз бул жерде бирер абзел хазарат бар экендигине ишенбейбиз», - деди. Алардын дагы бири башка хазараттарды кандай келген болсо ошол боюнча, бирер чектөө же шартсыз же аларга каршы өкүм чыгарууга умтулбай кабыл алууга «Кахф» сүрөсүндөгү аяттарды далил кылууга урунуп, мындай дейт: «Диндер арасындагы сухбат – бул түрдүү кыймат, салт, пикир жана мурунку акыйдаларга караштуу шахс башка диндердин өзгөчөлүктөрүн кандай болсо ошол боюнча аныктоого урунушу, аны түшүнүп жетиши жана ага кадыр-кыймат жагынан каршы өкүм чыгарууга барбай туруп, ага болгон жалпы философиялык пикирди тунукташтырып алышы болот… Диндер арасындагы сухбат тарапкерлери максаттын тунуктугун ураан кылып көтөрүп жатышат, бул болсо башкаларды түшүнүүгө болгон каалоодон жана аларды маърифий жактан үйрөнүүдөн башка шарт жана идеялардан баш тартууну талап кылат… Сухбаттын мазмуну, жалпысынан алганда, Курани Каримдаги «Кахф»

сүрөсүнүн 32-42 аяттарында эки кишинин ортосунда жүз берген сухбат туурасында келген кыссага тескери келбейт. Алардын бирине Алла курма дарагы менен оролгон, ортосунда эгинзарлары бар, булактар агып тура турган эки жүзүм бакты берген болуп, ага шеригине караганда мал-мүлк жана бала-чаканы да ашыгы менен берген эле. Бул кысса эки кишинин ортосунда болуп өткөн сухбат бирер шарт жана чектөөсүз болгонун ачып берип, Курани Карим анын тафсилаттарын толук келтирген. Бул кысса алардын биринин Аллага капыр экендигин баян кылган болсо да, экинчиси бул үчүн сухбатын бузган жок. О.э. Куран куфр сөздөрүн зикир кылууну оор көргөн жок, анткени, алардын бардыгы Алла Азза ва Жаллага капыр болгон шахстын шекилин жана аслин анык көрсөтөт… Диндер арасындагы сухбат – диндерди салыштыруудан жана диний атаандаштыктан, кээде бул түшүнүктөр адабияттарда аралашып кеткен болсо да – айырмаланып турат. Диндерди салыштыруу бир илим болуп, андан максат, бир динди башкасы менен акыйда, шарият жана ибадаттар даражасында жана алардын адам, аалам жана турмуш жөнүндөгү элестетүүлөрү жана башкалар туурасында калыстык менен тарапкечтик кылбай чамалоого урунуп, салыштырып үйрөнүү. Диндер арасындагы атаандаштык болсо, бир диндин башкасынын үстүнөн бийиктигин жана үстөмдүгүн далилдөөгө аракет кыла турган амалият. Бир гана идирек жараянынан турган диндер арасындагы сухбат болсо, табийгый түрдө, буга умтулбайт» (Хисом Таммом, Египеттик изилдөөчү-журналист, «Диндер аралык сухбат: коомдук зарылдыкпы же бүткүл дүйнөлүк фитнабы?», **IslamOnline.net**)

Диндер аралык сухбат фикраты тарапкерлеринин ушул билдирүүдөн көздөгөн максатын билүү үчүн жогорудагы цитаталар зарыл болот, себеби, бул алардын термини болуп, алар көздө туткан маанилердин эң жакшы далили – алар өз оозу менен айткандары же калемдери менен жазгандары эмеспи, анткени, бул жерде лугавий мазмундун пайдасы жок. Ушул цитаталар топтомунан келип чыгып, бул терминдин мазмуну төмөндөгүлөрдөн тургандыгын аныкташыбыз мүмкүн:

Биринчиси: диндер жана хазараттар ортосундагы теңдик б.а. бир дин же хазаратты башка дин же хазараттан өйдө койбоо;

Экинчиси: башка дин жана хазараттарды кандай келген болсо ошондой кабыл алуу, аларга каршы өкүм чыгарбоо, эч бир шарт же чектөө койбостон, аларды изилдөө жана үйрөнүү;

Үчүнчүсү: хазараттар ортосундагы сухбаттан максат – ортоктош жана гумандуу нерсе издөө аркылуу хазараттардын өнүгүүсү жана гүлдөп-өсүшү үчүн о.э. тынчтыкты кепилдөөчү өнүккөн альтернатив хазарат пайда кылуу үчүн өз ара алака орнотуу. Диндер аралык сухбаттан максат болсо, Исламдын күрөш майданына кирип барышына тосук коюу.

Бул түшүнүктөрдүн бардыгы Исламга бүтүндөй тескери болуп, ал тургай, күмөндүү болсо да бирер бир далилге ээ эмес. Алар Исламдан эмес. Тескерисинче, алардын адаштыруудан башка нерсе эместиги жана Исламга коркунучтуу экендиги анык.

# ХАЗАРАТТАР АРАСЫНДАГЫ ТЕҢДИК ФИКРАТЫ

Диндер жана хазараттар арасындагы теңдик түшүнүгү куфр түшүнүгү болуп эсептелет, себеби ал хак менен батыл, куфр менен ыйман, залалат менен хидаят, насих менен мансух, негизи вахий болгон хазарий түшүнүктөр менен инсан тарабынан иштеп чыгылган хазарий түшүнүктөр т.а. акыл менен накл, тогутка өкүм сурап баруу менен Китеп жана сүннөт о.э. бул экөөсү жол көрсөткөн нерседен өкүм суроо, адамдарга пайдасы тийип, жерде бекем орношуучу туруктуулук менен жок болуп кете турган көбүк ортосун теңештирүүгө болгон чакырык. Мунун далилдери өтө көп. Алла Таала айтат:

﴿بَلْ نَقْذِفُ بِالْحَقِّ عَلَى الْبَاطِلِ فَيَدْمَغُهُ فَإِذَا هُوَ زَاهِقٌ﴾

***- „Жок, Биз Акыйкат Куранды батыл-жалгандын үстүнө ыргытабыз, анан*** *(акыйкат батылды)* ***эзип-жанчып, капыстан*** *(батыл)* ***жок болот“,*** **[21:18]**

﴿فَمَاذَا بَعْدَ الْحَقِّ إِلاَّ الضَّلاَلُ﴾

*- „Акыйкаттан кийин болсо жалаң гана жолдон адашуу бар",* [10:32]

﴿يُرِيدُونَ أَنْ يَتَحَاكَمُوا إِلَى الطَّاغُوتِ وَقَدْ أُمِرُوا أَنْ يَكْفُرُوا بِهِ وَيُرِيدُ الشَّيْطَانُ أَنْ يُضِلَّهُمْ ضَلاَلاً بَعِيدًا﴾

***- „****(Айрым)* ***адамдардын шайтанга өкүм сурап барууну каалап жаткандарын көрбөдүңбү? Акыйкатта болсо, аларга ага ишенбөө буйрулган эле.*** *(Анткени)* ***шайтан аларды биротоло жолдон азгырууну каалайт“,*** **[4:60]**

﴿هُوَ الَّذِي أَرْسَلَ رَسُولَهُ بِالْهُدَى وَدِينِ الْحَقِّ لِيُظْهِرَهُ عَلَى الدِّينِ كُلِّهِ وَلَوْ كَرِهَ الْمُشْرِكُونَ﴾

***- „Ал*** *(Алла)* ***өз пайгамбарын Туура Жол жана Акыйкат дин менен - мейли мушриктер каалашпаса да - бардык диндерге үстөм кылуу үчүн жиберген зат“,*** **[9:33]**

﴿وَمَنْ يَبْتَغِ غَيْرَ الإِسْلاَمِ دِينًا فَلَنْ يُقْبَلَ مِنْهُ وَهُوَ فِي الآخِرَةِ مِنَ الْخَاسِرِينَ﴾

***- „Кимде-ким Исламдан башка динди кааласа, анда*** *(анын «дини» Алланын алдында)* ***эч качан кабыл алынбайт жана ал акыретте зыян тартуучу“,*** **[3:85]**

﴿وَأَنزَلْنَا إِلَيْكَ الْكِتَابَ بِالْحَقِّ مُصَدِّقًا لِمَا بَيْنَ يَدَيْهِ مِنَ الْكِتَابِ وَمُهَيْمِنًا عَلَيْهِ﴾

***– „Сага болсо*** *(эй Мухаммад),* ***өзүнөн алдыңкы китеп(тер)ди ырастоочу жана ал*** *(Китептер)* ***үстүндө күбө болгон бул Китепти акыйкат менен түшүрдүк “,*** **[5:48]**

﴿كَذَلِكَ يَضْرِبُ اللَّهُ الْحَقَّ وَالْبَاطِلَ فَأَمَّا الزَّبَدُ فَيَذْهَبُ جُفَاءً وَأَمَّا مَا يَنفَعُ النَّاسَ فَيَمْكُثُ فِي الأَرْضِ كَذَلِكَ يَضْرِبُ اللَّهُ الأَمْثَالَ﴾

***- „Алла акыйкат менен батылды мына ушундай*** *(мисал менен)* ***баян кылат. Эми ал көбүк өзүнчө эле жок болуп кетет. Адамдарга пайдалуу болгон нерсе болсо Жер жүзүндө калат. Алла мисалдарды мына ушундай баян кылат“,[13:17]***

﴿أَفَمَنْ كَانَ مُؤْمِنًا كَمَنْ كَانَ فَاسِقًا لاَ يَسْتَوُونَ﴾

***- „Акыры момун болгон киши менен фасык болгон киши тең болобу?!“*[32:18]**

﴿قُلْ لاَ يَسْتَوِي الْخَبِيثُ وَالطَّيِّبُ وَلَوْ أَعْجَبَكَ كَثْرَةُ الْخَبِيثِ فَاتَّقُوا اللَّهَ يَاأُولِي الأَلْبَابِ لَعَلَّكُمْ تُفْلِحُونَ﴾

***- „****(Эй Мухаммад),* ***айткын: «Эгерде таза эмес*** *(арам)* ***нерсенин көптүгү силерди кызыктырса да, таза эмес нерсе таза нерсеге тең болбойт. Демек, эй акыл ээлери,*** *(азаптан)* ***кутулууңар үчүн Алладан корккула!“*** **[5:100]**

﴿مَثَلُ الْفَرِيقَيْنِ كَالأَعْمَى وَالأَصَمِّ وَالْبَصِيرِ وَالسَّمِيعِ هَلْ يَسْتَوِيَانِ مَثَلاً أَفَلاَ تَذَكَّرُونَ﴾

***- „Бул эки топтун*** *(т.а. капырлар менен момундар тобунун),* ***мисалы – куду сокур жана дүлөй менен көрүүчү жана угуучунун мисалы. Ушул экөө бири-бирине тең болобу?! Үлгү албайсыңарбы?!“*** **[11:24]**

﴿وَدُّوا لَوْ تَكْفُرُونَ كَمَا كَفَرُوا فَتَكُونُونَ سَوَاءً﴾

***- „Алар өздөрү капыр болушканы сымал силер да капыр болуп, алар менен барабар болуп калышыңарды каалашат“.*** **[4:89]**

Исламды дааба кылып (б.а. Ислам дининдемин деп алып), андан кийин ал менен куфрдун ортосун; кудайсыздык, үчтүк жана тавхид ортосун; Мухаммад ﷺдын пайгамбарлыгын инкар кылуучу менен ал затка ыйман келтирүүчүнү; сүткордукту арам эмес мубах, шарапты арам эмес адал дей турган; Алла Субханахуга ибадат кылуу менен махлукаттарга сыйынууну; сойкулук, гомосексуализм жана лесбияндык менен никени; чочко менен курма ортосун теңештире тургандарга таң каласың. Мындан да таң калычтуусу, абзелдик туурасында сүкүт сактап, тавхидди ширктен, адалды арамдан, шариятты тогуттан, момунду капырдан, илахий вахийди башарий мыйзамдан, Исламды башка диндерден, Куранды туура эмес чечмеленген китептерден, Холикке ибадат кылууну болсо күн, уй жана жылдыздарга сыйынуудан абзел деп билбей турган кимселердин бар экендиги. Алла фитнадан сактасын. Көз карандылык да, теңдик да, Ислам жана анын хазаратын башка дин жана хазараттардан абзел дегенге сүкүт сактоо да – булардын бардыгы ыргытылышы керек болгон нерселер.

## БАШКА ДИН ЖАНА ХАЗАРАТТАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ ФИКРАТЫ

Башка дин жана хазараттарга каршы өкүм чыгарбай жана алардын даабасын бекер кылбай, аларды үйрөнүү үчүн гана кабыл кылуу Ислам тарыйкатынан эмес. Керек болсо, Куран мунун тескерисин таалим берет. Анткени, Курани Карим куфр пикирлерин жана капырлардын сөздөрүн зикр кылганда, артынан дайым аларды бекер кылуучу акыйкатты келтирет. Буга төмөнкүлөр мисал болот:

﴿وَقَالُوا اتَّخَذَ الرَّحْمَنُ وَلَدًا ۞ لَقَدْ جِئْتُمْ شَيْئًا إِدًّا ۞ تَكَادُ السَّمَاوَاتُ يَتَفَطَّرْنَ مِنْهُ وَتَنشَقُّ الأَرْضُ وَتَخِرُّ الْجِبَالُ هَدًّا ۞ أَنْ دَعَوْا لِلرَّحْمَنِ وَلَدًا ۞ وَمَا يَنْبَغِي لِلرَّحْمَنِ أَنْ يَتَّخِذَ وَلَدًا﴾

***- „****(Мушриктер)* ***«Рахмандын баласы бар» дешти.*** *(Эй мушриктер),* ***силер ушундай оор сөз айттыңар. Анын – Рахмандын баласы бар деген*** *(сөздүн оордугунан)* ***асмандар жарылып, Жер бөлүнүп, тоолор бырчаланып кетүүгө жакын болот. Рахман үчүн бала кармануу ылайык эмес*** *(Ал зат балага муктаж эмес)****“,*** **[19:88-92]**

﴿وَيَقُولُونَ مَتَى هَذَا الْوَعْدُ إِنْ كُنتُمْ صَادِقِينَ ۞ لَوْ يَعْلَمُ الَّذِينَ كَفَرُوا حِينَ لاَ يَكُفُّونَ عَنْ وُجُوهِهِمُ النَّارَ وَلاَ عَنْ ظُهُورِهِمْ وَلاَ هُمْ يُنْصَرُونَ ۞ بَلْ تَأْتِيهِمْ بَغْتَةً فَتَبْهَتُهُمْ فَلاَ يَسْتَطِيعُونَ رَدَّهَا وَلاَ هُمْ يُنظَرُونَ﴾

***- „Алар*** *(динсиз адамдар):* ***«Эгер ыраскөй болсоңор (айткылачы), мына ушул убада качан болот?» - дешет. Эгер капыр болгон адамдар алдыларынан жана аркаларынан*** *(тозок)* ***отун тосо албай кала турган, аларга жардам берилбей турган убакытты*** *(Кыямат Күнүн)* ***билишкенде,*** *(бул сөздөрдү айтышпаган болор эле).* ***Жок,*** ***(****Кыямат****)*** ***кокустан келип, аларды айран-таң кылып коёт, анан аны кайтарууга да күчтөрү жетпейт, аларга*** *(тообо кылуу үчүн****)*** ***мөөнөт да берилбейт “,*** **[21:38-40]**

﴿وَإِذْ قُلْتُمْ يَامُوسَى لَنْ نُؤْمِنَ لَكَ حَتَّى نَرَى اللَّهَ جَهْرَةً فَأَخَذَتْكُمُ الصَّاعِقَةُ وَأَنْتُمْ تَنظُرُونَ﴾

***- „Эй бани Исраил, эстегиле: «Эй Муса, Алланы ачык-айкын көрмөйүнчө эч качан сага ишенбейбиз», дешиңер менен, карап турган абалыңарда силерди чагылган урду“,*** **[2:55]**

﴿وَإِذَا قِيلَ لَهُمْ آمِنُوا بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ قَالُوا نُؤْمِنُ بِمَا أُنزِلَ عَلَيْنَا وَيَكْفُرُونَ بِمَا وَرَاءَهُ وَهُوَ الْحَقُّ مُصَدِّقًا لِمَا مَعَهُمْ قُلْ فَلِمَ تَقْتُلُونَ أَنْبِيَاءَ اللَّهِ مِنْ قَبْلُ إِنْ كُنتُمْ مُؤْمِنِينَ﴾

***- „Качан аларга: «Алла түшүргөн нерсеге ыйман келтиргиле» делсе, «Биз өзүбүзгө түшүрүлгөн нерсеге ыйман келтиребиз» дешет жана андан кийин келген өздөрүндөгү нерсени*** *(Тооротту)* ***тастыктоочу акыйкат*** *(китеп)****ке капыр болушту. Айткын*** *(Эй Мухаммад):* ***«Эгер момун болгон болсоңор, эмне себептен илгери Алланын пайгамбарларын өлтүргөн элеңер?»“*** **[2:91]**

﴿وَقَالُوا لَنْ يَدْخُلَ الْجَنَّةَ إِلاَّ مَنْ كَانَ هُودًا أَوْ نَصَارَى تِلْكَ أَمَانِيُّهُمْ قُلْ هَاتُوا بُرْهَانَكُمْ إِنْ كُنتُمْ صَادِقِينَ ۞ بَلَى مَنْ أَسْلَمَ وَجْهَهُ لِلَّهِ وَهُوَ مُحْسِنٌ فَلَهُ أَجْرُهُ عِنْدَ رَبِّهِ وَلاَ خَوْفٌ عَلَيْهِمْ وَلاَ هُمْ يَحْزَنُونَ﴾

***- „«Бейишке жалаӊ яхудий же насроний болгондор кирет» дешти.*** *(Б.а. яхудийлер: «Биз киребиз» дешсе, насронийлер: «Биз киребиз» дешти).* ***Бул алардын куру кыялдары. Айткын*** *(Эй Мухаммад):* ***«Эгер чынчыл болсоӊор, далилиӊерди алып келгиле!». Жок, ким жакшылык кылган абалда өзүн Аллага тапшырса, ал үчүн Алланын алдында соор-сыйлык бар жана алар үчүн коркунуч жок, алар кайгы-капада болушпайт“,*** **[2:111-112]**

﴿وَقَالُوا اتَّخَذَ اللَّهُ وَلَدًا سُبْحَانَهُ بَلْ لَهُ مَا فِي السَّمَاوَاتِ وَالأَرْضِ كُلٌّ لَهُ قَانِتُونَ﴾

***- „«Алланын баласы бар» дешти. Ал зат булардын жаман күмөндөрүнөн бүтүндөй таптаза. Тескерисинче, жер жана асмандардагы нерселер ал затка тийиштүү болгондуктан баары ага баш иет “,*** **[2:116]**

﴿وَقَالُوا كُونُوا هُودًا أَوْ نَصَارَى تَهْتَدُوا قُلْ بَلْ مِلَّةَ إِبْرَاهِيمَ حَنِيفًا وَمَا كَانَ مِنَ الْمُشْرِكِينَ﴾

***- „«Яхудий же насроний болгула, туура жолдо болосуӊар дешти».*** *(Айткын, эй Мухаммад):* ***«тескерисинче, биз ак жолдон тайбаган*** *(Алла Таалага бирөөнү)* ***шерик кылуучулардан болбогон Ибрахимдин динин ээрчийбиз»“,*** **[2:135]**

﴿أَلَمْ تَرَ إِلَى الَّذِي حَاجَّ إِبْرَاهِيمَ فِي رَبِّهِ أَنْ آتَاهُ اللَّهُ الْمُلْكَ إِذْ قَالَ إِبْرَاهِيمُ رَبِّي الَّذِي يُحْيِي وَيُمِيتُ قَالَ أَنَا أُحْيِي وَأُمِيتُ قَالَ إِبْرَاهِيمُ فَإِنَّ اللَّهَ يَأْتِي بِالشَّمْسِ مِنَ الْمَشْرِقِ فَأْتِ بِهَا مِنَ الْمَغْرِبِ فَبُهِتَ الَّذِي كَفَرَ وَاللَّهُ لاَ يَهْدِي الْقَوْمَ الظَّالِمِينَ﴾

***- „Алла падышалык бергенине оолугуп Ибрахим менен Робби-Кожосу жөнүндө талашкан адамдын*** *(Намруддун)* ***акыбалын билбедиӊби? Ошондо Ибрахим: «Роббим тирилтип-өлтүрө турган зат» дегенде, ал: «Мен*** *(да)* ***тирилтемин жана өлтүрөмүн», деди.*** *(Анда)* ***Ибрахим айтты: «Албетте, Алла күндү чыгыштан чыгарат. Сен аны Батыштан чыгарчы?» Ошондо бул тануучу капыр абдырап калды. Алла залим адамдарды хидаяттабайт “,*** **[2:258]**

﴿الَّذِينَ قَالُوا لإِخْوَانِهِمْ وَقَعَدُوا لَوْ أَطَاعُونَا مَا قُتِلُوا قُلْ فَادْرَءُوا عَنْ أَنْفُسِكُمُ الْمَوْتَ إِنْ كُنْتُمْ صَادِقِينَ﴾

***- „****(Эй Мухаммад),* ***ошол өздөрү отуруп алып досторуу жөнүндө : «Эгер биздин сөзүбүзгө кирип*** *(согуш кылуудан баш тартышканда)* ***өлтүрүлбөгөн болушар эле» дей турган кишилерге: «Эгер айткан сөзүӊөр ырас болсо, өзүӊөрдөн өлүмдү кайтаргылачы» деп айткын!“*** **[3:168]**

﴿الَّذِينَ قَالُوا إِنَّ اللَّهَ عَهِدَ إِلَيْنَا أَلاَّ نُؤْمِنَ لِرَسُولٍ حَتَّى يَأْتِيَنَا بِقُرْبَانٍ تَأْكُلُهُ النَّارُ قُلْ قَدْ جَاءَكُمْ رُسُلٌ مِنْ قَبْلِي بِالْبَيِّنَاتِ وَبِالَّذِي قُلْتُمْ فَلِمَ قَتَلْتُمُوهُمْ إِنْ كُنْتُمْ صَادِقِينَ﴾

***- „Ал адамдар: «Албетте, Алла бизге бир пайгамбар тээ бир курбандык атап, аны** (асмандан түшкөн) **жалын жеп** (күйдүрүп) **кетмейинче ага ыйман келтирбешибизди буюрган» дешти. Айткын** (Эй Мухаммад): **«Акыйкатта, менден мурун силерге көп пайгамбарлар ачык далилдер жана силер айткан нерсени** (курбандыктарды) **келтиришкен. Анан, эгер ушул сөзүңөр акыйкат болсо, эмне үчүн аларды өлтүргөн элеңер?!»“*** **[3:183]**

﴿وَقَالَتِ الْيَهُودُ يَدُ اللَّهِ مَغْلُولَةٌ غُلَّتْ أَيْدِيهِمْ وَلُعِنُوا بِمَا قَالُوا بَلْ يَدَاهُ مَبْسُوطَتَانِ يُنفِقُ كَيْفَ يَشَاءُ﴾

***- „Яхудийлер: «Алланын колу байлануу** (т.а. сараң)**», дешти. – Өздөрүнүн колу байланып калсын жана айткан сөздөрү менен каргышка учурап калышсын. – Жок! Ал заттын колдору ачык жана Өзү каалагандай нафака кылат** (ырыскы берет) **“,*** **[5:64]**

﴿سَيَقُولُ الَّذِينَ أَشْرَكُوا لَوْ شَاءَ اللَّهُ مَا أَشْرَكْنَا وَلاَ آبَاؤُنَا وَلاَ حَرَّمْنَا مِنْ شَيْءٍ كَذَلِكَ كَذَّبَ الَّذِينَ مِنْ قَبْلِهِمْ حَتَّى ذَاقُوا بَأْسَنَا قُلْ هَلْ عِنْدَكُمْ مِنْ عِلْمٍ فَتُخْرِجُوهُ لَنَا إِنْ تَتَّبِعُونَ إِلاَّ الظَّنَّ وَإِنْ أَنْتُمْ إِلاَّ تَخْرُصُونَ﴾

***- „Мушрик болгон кишилер: «Эгер Алла каалаганда биз да, ата-бабаларыбыз да шерик кошпойт элек, бирер нерсени арам кылып да албайт элек», - дешет. Алардан мурункуларды да тээ азабыбызды татышканга чейин** (өз пайгамбарларын) **мына ушундай жалганчы кылышкан. Айткын** (Эй Мухаммад): **«Алдыңарда бизге көрсөтө турган** (айтып жаткан сөзүңөрдү ырастоочу) **бирер далилиңер барбы? Силер күмөнгө гана берилүүдөсүңөр, силер жалганды гана сүйлөөдөсүңөр!»“.*** **[6:148]**

﴿وَقَالَتِ الْيَهُودُ عُزَيْرٌ ابْنُ اللَّهِ وَقَالَتِ النَّصَارَى الْمَسِيحُ ابْنُ اللَّهِ ذَلِكَ قَوْلُهُمْ بِأَفْوَاهِهِمْ يُضَاهِئُونَ قَوْلَ الَّذِينَ كَفَرُوا مِنْ قَبْلُ قَاتَلَهُمُ اللَّهُ أَنَّى يُؤْفَكُونَ ۞ اتَّخَذُوا أَحْبَارَهُمْ وَرُهْبَانَهُمْ أَرْبَابًا مِنْ دُونِ اللَّهِ وَالْمَسِيحَ ابْنَ مَرْيَمَ وَمَا أُمِرُوا إِلاَّ لِيَعْبُدُوا إِلَهًا وَاحِدًا لاَ إِلَهَ إِلاَّ هُوَ سُبْحَانَهُ عَمَّا يُشْرِكُونَ﴾

***- „Яхудийлер: «Узайр Алланын уулу» дешти. Насронийлер: «**(Ийса) **Масих Алланын уулу» - дешти. Бул алардын ооздорундагы** (далилсиз) **сөздөрү. Алардын бул сөздөрү куду мурунку капыр болгон адамдардын сөзүнө окшойт. Аларды Алла каргыштасын! Кандай гана адашышууда! Алар Алланы коюп өздөрүнүн даанышмандарын жана рохибдерин о.э. Масих бинни Мариямды Кудай деп билишти. Акыйкатта болсо, жалгыз Аллага гана пенделик кылууга буйрулушкан эле. Эч илах жок, Анын Өзү гана бар. Ал зат алардын** (кошкон) **шериктеринен таза“,*** **[9:30-31]**

﴿وَإِذَا تُتْلَى عَلَيْهِمْ آيَاتُنَا بَيِّنَاتٍ قَالَ الَّذِينَ لاَ يَرْجُونَ لِقَاءَنَا ائْتِ بِقُرْآنٍ غَيْرِ هَذَا أَوْ بَدِّلْهُ قُلْ مَا يَكُونُ لِي أَنْ أُبَدِّلَهُ مِنْ تِلْقَاءِ نَفْسِي إِنْ أَتَّبِعُ إِلاَّ مَا يُوحَى إِلَيَّ إِنِّي أَخَافُ إِنْ عَصَيْتُ رَبِّي عَذَابَ يَوْمٍ عَظِيمٍ ۞ قُلْ لَوْ شَاءَ اللَّهُ مَا تَلَوْتُهُ عَلَيْكُمْ وَلاَ أَدْرَاكُمْ بِهِ فَقَدْ لَبِثْتُ فِيكُمْ عُمُرًا مِنْ قَبْلِهِ أَفَلاَ تَعْقِلُونَ﴾

***- „Качан аларга** (алардын алдында) **Биздин ачык-айкын аяттарыбыз окуп берилсе, Бизге жолугууну үмүт кылбай турган кишилер: «Бул Курандан башка бир Куран  алып кел же муну өзгөрткүн» дешти. Айткын: «Мен үчүн аны өзүм  тарабымдан өзгөртүү ылайыктуу эмес. Мен жалаң өзүмө вахий кылынган аяттарга гана ээрчиймин. Себеби, мен эгер Роббиме күнөө кылсам, улук КҮНдүн** (Кыяматтын) **азабынан коркомун». Айткын: «Эгер Алла каалаганда, мен аны** (Куранды) **тилават кылбаган болор элем жана** (мен аркылуу Алла) **аны силерге билдирбеген болор эле. Акыры андан** (Курандын түшүрүлүшүнөн) **мурда да бир өмүр силердин араңарда жашап турдум го! Акыры акыл жүргүзбөйсүңөрбү?!»“*** **[10:15-16]**

﴿وَقَالُوا مَا هِيَ إِلاَّ حَيَاتُنَا الدُّنْيَا نَمُوتُ وَنَحْيَا وَمَا يُهْلِكُنَا إِلاَّ الدَّهْرُ وَمَا لَهُمْ بِذَلِكَ مِنْ عِلْمٍ إِنْ هُمْ إِلاَّ يَظُنُّونَ ۞ وَإِذَا تُتْلَى عَلَيْهِمْ آيَاتُنَا بَيِّنَاتٍ مَا كَانَ حُجَّتَهُمْ إِلاَّ أَنْ قَالُوا ائْتُوا بِآبَائِنَا إِنْ كُنتُمْ صَادِقِينَ ۞ قُلِ اللَّهُ يُحْيِيكُمْ ثُمَّ يُمِيتُكُمْ ثُمَّ يَجْمَعُكُمْ إِلَى يَوْمِ الْقِيَامَةِ لاَ رَيْبَ فِيهِ وَلَكِنَّ أَكْثَرَ النَّاسِ لاَ يَعْلَمُونَ﴾

***- „Алар** (т.а. кыяматты танууучулар: «Тирүүлүк) **жалгыз дүйнөдөгү жашообуз.** (Кээ бирлерибиз) **өлүп,** (башкаларыбыз) **жашоого келе беребиз жана бизди** (Алла өлтүрбөйт, бирок) **бир гана заман** (өтүшү) **өлтүрөт», - дешти. Акыйкатта болсо, алар үчүн бул жөнүндө бир да билим-күбөлүк жок. Алар болгону** (ушундай) **күмөн кылышат. Качан аларга** (кайта тирилүү ырастыгы туурасындагы) **Биздин анык-айкын болгон аяттарыбыз тилават кылынса** (окулса), **алардын** (бул аяттарга каршы) **«күбөлүктөрү» бир гана: «Эгер чынчыл болсоңор, ата-бабаларыбызды** (тирилтип) **келтиргилечи», дештери гана болот. Айткын: - «Алла силерге тирүүлүк берет, андан соң** (ажалыңар жеткенде) **өлтүрөт, андан кийин силерди эч шек-күмөнсүз** (келе турган) **Кыямат Күнүнө топтойт. Бирок, адамдардын көпчүлүгү** (муну) **билишпейт»!“.*** **[45:24-26]**

Бул аяттар, мейли, бизден мурункулардын шариятынан болсо да, бирок, алар Алла Субханахунун бизге кылган кайрылуусу болуп саналат.

Алардын бири далил кылып келтирген «Кахф» сүрөсүнүн аяттары дагы ушул ыкмадан т.а. куфр түшүнүгү же түшүнүктөрүн бекер кылуу услубунан болуп саналат. Сухбат алар айтып жаткандай аңдап-түшүнүп коюу эле эмес, балким, аңдап-түшүнүп, куфр түшүнүктөрүнүн ката экендигин далилдөө болот. Бул болсо шеригинин куфруна раддия берип, инкар кылып айтып жаткан сөздөрүндө көрүнүп турат:

﴿أَكَفَرْتَ بِالَّذِي خَلَقَكَ مِنْ تُرَابٍ ثُمَّ مِنْ نُطْفَةٍ ثُمَّ سَوَّاكَ رَجُلاً ۞ لَكِنَّا هُوَ اللَّهُ رَبِّي وَلاَ أُشْرِكُ بِرَبِّي أَحَدًا ۞ وَلَوْلاَ إِذْ دَخَلْتَ جَنَّتَكَ قُلْتَ مَا شَاءَ اللَّهُ لاَ قُوَّةَ إِلاَّ بِاللَّهِ إِنْ تُرَنِي أَنَا أَقَلَّ مِنْكَ مَالاً وَوَلَدًا ۞ فَعَسَى رَبِّي أَنْ يُؤْتِيَنِي خَيْرًا مِنْ جَنَّتِكَ وَيُرْسِلَ عَلَيْهَا حُسْبَانًا مِنَ السَّمَاءِ فَتُصْبِحَ صَعِيدًا زَلَقًا ۞ أَوْ يُصْبِحَ مَاؤُهَا غَوْرًا فَلَنْ تَسْتَطِيعَ لَهُ طَلَبًا﴾

***- „«Сен өзүңдү** (түпкү тегиң болгон Адамды) **топурактан кийин нутфа - бир тамчы суудан жаратып, андан кийин** (аны) **инсан кылып тургузган зат - Аллага капыр болдуңбу?! Мен болсо – «Ал - Алла Роббим»** (деймин) **жана Роббиме эч кимди шерик кылбаймын. Сен багыңа кирген чагыңда: «Алла каалаган нерсе гана** (болот), **бар күч-кубат жалгыз Алла менен» десең кана! Эгер сен мени байлык жана бала-чака жагынан өзүңдөн кемирээк деп билсең, балким, Роббим мага сенин багыңдан жакшыраак** (бир бак) **берер,** (сенин багыңа болсо) **асмандан чагылган жиберер, анан, ал сып-сыйда жайга айланып калар. Же болбосо, анын суусу** (жер астына) **сиңип кетип, сен аны эңсеп да таба албай каларсың».*** **[18:37-41]**

Шеригин рад кылып турса, *«Сени жараткан затка каапыр болдуңбу?»* десе, эми кантип өкүм чыгарбады деп айтууга болот?! Акыры анын *«Алла каалаган нерсе гана болот, бар күч-кубат жалгыз Алла менен»* деп айтышы ылазым болгон сөзгө үндөп, кийин чагылган түшүрүүгө жана сууну жерге сиңдирип жиберүүгө кадыр Жаратуучу заттын кубатын баяндап жатат го! Кантип ушул окуяны диндер арасындагы сухбатка, бирер шартсыз жана чектөөсүз, ага каршы өкүм чыгарбастан, ушундай боюнча кабыл кылууга мисал боло алат деп айтуу мүмкүн?!

Бирок, Алла Тааланын ушул аятын:

﴿قُلْ يَاأَيُّهَا الْكَافِرُونَ ۞ لاَ أَعْبُدُ مَا تَعْبُدُونَ ۞ وَلاَ أَنْتُمْ عَابِدُونَ مَا أَعْبُدُ﴾

***- „(Эй Мухаммад), айткын: «Эй капырлар! Мен силер ибадат кылып жаткан нерселерге ибадат кылбасмын. Жана силер да мен ибадат кыла турган (Алла)га ибадат кылуучу эмессиңер»,*** **[109:1-3]**

капырлар менен сухбат кылууга, ал эми мына бул:

﴿وَإِنْ أَحَدٌ مِنَ الْمُشْرِكِينَ اسْتَجَارَكَ فَأَجِرْهُ حَتَّى يَسْمَعَ كَلاَمَ اللَّهِ ثُمَّ أَبْلِغْهُ مَأْمَنَهُ﴾

***- „(Эй Мухаммад), эгер мушриктердин бирери сенден коргоо сураса, анда аны Алланын сөзүн угушу үчүн коргогун. Кийин аны өзү үчүн тынч болгон жайга жеткизип койгун“,*** **[9:6]**

сөзүн болсо мушриктер менен сухбат кылууга далил кылуу туура эмес жана орунсуз. «Ал-Кафирун» сүрөсү алардын капыр экендигине, капырлыгын мындан кийин да улантышына жана эч качан момун болбошуна өкүм чыгарат. Алла Субханаху алардын эч качан момун болбошун билип, Өз Расулу ﷺды кабардар кылды жана ал затка ушул кабарды жеткизип коюуну жана бир жыл алардын маъбуддарына, кийинки жылы болсо Аллага ибадат кылуу сунушун четке кагууну буюрду. Алла Субханаху алардын өлгөнгө чейин капыр болуп кала берерин кабар бергенден кийин, сухбат кылууга таптакыр орун калбады. Бул сүрө белгилүү бир шахстар тууралуу түшкөн эле. Алла акыйкатты айтуучу. Анткени, алардын айрымдары өлдү, айрымдары өлтүрүлдү, бирок, бири да ыйман келтирбеди. Ал эми, Алла Тааланын:

﴿وَإِنْ أَحَدٌ مِنَ الْمُشْرِكِينَ اسْتَجَارَكَ فَأَجِرْهُ حَتَّى يَسْمَعَ كَلاَمَ اللَّهِ ثُمَّ أَبْلِغْهُ مَأْمَنَهُ﴾

***- „**(Эй Мухаммад),* ***эгер мушриктердин бирери сенден коргоо сураса, анда аны Алланын сөзүн угушу үчүн коргогун. Кийин аны өзү  үчүн тынч болгон жайга жеткизип койгун».*** **[9:6]**
аятында болсо, алар айтып жаткан эки теңдеш тарап ортосундагы сухбаттын далили жок. Анда сухбатка далалат да жок, балким, мушрикке Алланын сөзүн уктуруп коюуга болгон буйрук болуп, ал же ыйманга келет же өз  мекенине жеткизип коюлат. Себеби, аят Ислам тууралуу сурамакчы болгон мушрикке амандык берүү жөнүндө. Ушул себептен улам, Исламга кириши үмүт кылына турган абалда ага Ислам чечмелеп-түшүндүрүлөт. Бул аятта анын пикирин билүү үчүн теңдик, тең укуктуулук негизинде жана ага каршы өкүм чыгарбастан сухбат кылууга далил жок. Демек, аят аны мушрик деп чечим кылып, ширк менен өкүм чыгарууда, анын пикирин билүү үчүн ал менен сухбат кылууга чакырып жаткан жок, балким, Куранды ага уктуруп коюуну талап кылып жатат. Ушул себептен, аны далил кылуу туура эмес.

## МУКАБЫЛ ХАЗАРАТ ФИКРАТЫ

Баарынан жаманы, алардын хазараттар арасындагы сухбаттан көздөгөн максаты. Алар өз максаттарын: «Хазараттар ортосунда муштарак (ортоктош) нерсени издөө аркылуу жогорку мукабыл хазарат пайда кылуу үчүн өз ара алака орнотуу, бул болсо, өз  кезегинде, өсүп-өнүгүүгө жана тынчтык орнотууга алып барат», - деген сөздөрү менен түшүндүрүшөт. Алардын бири бул түшүнүккө Алла Тааланын:

﴿يَاأَهْلَ الْكِتَابِ تَعَالَوْا إِلَى كَلِمَةٍ سَوَاءٍ بَيْنَنَا وَبَيْنَكُمْ أَلاَّ نَعْبُدَ إِلاَّ اللَّهَ وَلاَ نُشْرِكَ بِهِ شَيْئًا وَلاَ يَتَّخِذَ بَعْضُنَا بَعْضًا أَرْبَابًا﴾

***- „Эй Китеп берилгендер*** *(яхудий жана насронийлер),* ***бизге да, силерге да теңдеш болгон бир сөзгө келгиле - жалгыз Аллага гана ибадат кылалы, Ага эч нерсени*** *(шерик)* ***тең кылбайлы жана бири-бирибизди Алладан башка теңир кылып албайлы “,*** **[3:64]**
- аятын далил кылып келтириши канчалык жаман. Ал кимсе: «Мунун мааниси башкалар менен теңдик негизинде сухбат куруу» деп, андан кийин Алла Тааланын: «*Бизге да, силерге да теңдеш болгон сөз* »үн <u>муштарак</u> сөз  деп, «<u>биздин сөзүбүзгө келгиле, сухбат кылабыз» дебейбиз</u> деп тафсир кылып жатат. Аятты мындай түшүнүү, Аллага жабылган жалаа болот. Анткени, «теңдеш» сөзүнүн мааниси адилет т.а. адилеттүү сөз дегени. Муну кийинки аят баян кылып берет. Ал аят үлгүсү жагынан да, мааниси жагынан да аларды <u>муштарак</u> сөзгө чакырышыбызды өз  ичине алган эмес. Мындан адилеттүү сөздө муштарак болушубуз назарда тутулуп жаткан жок - буга алардын: «Биздин сөзүбүзгө келгиле, сухбат кылабыз, - дебейбиз» деген сөзү далил болот. Демек, алардын муштарак хазаратты каалоодон башка даабасы калбады. Өз ара мамилеге жана хазараттар ортосундагы муштарак нерсени издөөгө болгон чакырык акыйкатка

батылды аралаштыруудан башка нерсе эмес, мындан Алла мусулмандарды эле эмес, балким, ахли китептерди да кайтарган. Алла Таала айтат:

﴿يَاأَهْلَ الْكِتَابِ لِمَ تَلْبِسُونَ الْحَقَّ بِالْبَاطِلِ وَتَكْتُمُونَ الْحَقَّ وَأَنْتُمْ تَعْلَمُونَ﴾

***- „Эй Китеп берилгендер, эмне үчүн өзүңөр билген абалда акыйкатты батылга аралаштырасыңар жана акыйкатты бекитесиңер?!“*** **[3:71]**

Биз алардын диндер жана хазараттар ортосундагы сухбаттан көздөгөн карасанатай максатын баян кылгандан кийин, кагылышуу-күрөштүн экономикалык, пикирий, аскерий жана саясий түрлөрүн баян кылуу маселесине өтөбүз.

## ХАЗАРАТТАР ОРТОСУНДАГЫ КҮРӨШ. ИСЛАМ МЕНЕН БАШКА ХАЗАРАТТАР АРАСЫНДАГЫ КҮРӨШТҮН ТАРЫХЫ

Диндер жана хазараттар арасындагы күрөш байыртан эле болуп келген нерсе. Биз үчүн маанилүүсү, Ислам менен башка дин жана хазараттардын ортосундагы күрөш. Акыйкатта, Ислам – Мухаммад ﷺга хакты ачык алып чыгуу буйрулгандан баштап тээ кыяматка чейинки күрөш дини. Ал зат ﷺ буйрулган нерселерин ачык айтууга буюрулгандан баштап, Ислам түшүнүктөрү менен куфр түшүнүктөрүнүн ортосунда пикирий күрөш башталды. Ал токтобой бүгүнкү күнгө чейин уланып келүүдө. Ага күрөштүн башка түрлөрү кошулса кошулду, бирок, ал токтогон жок, анын токтошу жайыз да эмес. Пикирий күрөш – бул кескин какшаткыч ыкма менен башка пикирлерди сынга алуу. Расулулла ﷺ Алла Тааланын буйругун аткарып айтчу эле:

﴿إِنَّكُمْ وَمَا تَعْبُدُونَ مِنْ دُونِ اللَّهِ حَصَبُ جَهَنَّمَ أَنْتُمْ لَهَا وَارِدُونَ﴾

**- „***(Эй мушриктер),* ***силер да, Алланы коюп сыйынып жаткан буттарыңар да тозоктун отундары. Силер ал*** *(тозокко)* ***түшүүчүсүңөр“.*** **[21:98]**

﴿هَمَّازٍ مَشَّاءٍ بِنَمِيمٍ ۞ مَنَّاعٍ لِلْخَيْرِ مُعْتَدٍ أَثِيمٍ ۞ عُتُلٍّ بَعْدَ ذَلِكَ زَنِيمٍ﴾

***- „Ушакчы, сөз ташуучу, жакшылыкты тыюучу, чектен чыгуучу, күнөөгө баткан, орой жана булардан тышкары арамы кимсеге моюн сунбагын“,*** **[68:11-13]**

﴿ثُمَّ إِنَّكُمْ أَيُّهَا الضَّالُّونَ الْمُكَذِّبُونَ ۞ لآكِلُونَ مِنْ شَجَرٍ مِنْ زَقُّومٍ ۞ فَمَالِئُونَ مِنْهَا الْبُطُونَ ۞ فَشَارِبُونَ عَلَيْهِ مِنَ الْحَمِيمِ ۞ فَشَارِبُونَ شُرْبَ الْهِيمِ ۞ هَذَا نُزُلُهُمْ يَوْمَ الدِّينِ ۞ نَحْنُ خَلَقْنَاكُمْ فَلَوْلاَ تُصَدِّقُونَ﴾

***- „Андан соң, албетте, силер, эй*** *(кайта тирилүүнү)* ***жалган деп адашкандар, шек-күмөнсүз,*** *(жаханнам ортосунда өсө турган)* ***Заккум дарагынан азыктануучу – андан карыныңарды толтуруучусуңар. Андан соң анын үстүнө, кайнак суудан ичүүчү,*** *(ичкенде да)* ***суусап-тойбос төөлөр сыяктуу ичүүчүсүңөр! Мына ушул алардын жаза (кыямат) Күнүндөгү «конок кылынуу»лары!*** *(Эй инсандар),*

***силерди Биз Өзүбүз жараттык го! Эми силер*** *(акыретте дагы кайта жаратууга кадыр экендигибизди)* ***ырастабайсыңарбы?!“*** **[56:51-57]**

﴿إِنَّ الْمُجْرِمِينَ فِي ضَلاَلٍ وَسُعُرٍ﴾

***- „Албетте кылмышкер-күнөөлүү кимселер адашууда жана акмактыкта“,*** **[54:47]**

﴿ثُمَّ نَبْتَهِلْ فَنَجْعَلْ لَعْنَةَ اللَّهِ عَلَى الْكَاذِبِينَ﴾

***- „Кийин Аллага жалбарып дуба кылалы да, жалганчыларды Алла наалат кылуусун сурайлы“,*** **[3:61]**

﴿تَبَّتْ يَدَا أَبِي لَهَبٍ وَتَبَّ﴾

***- „Абу Лахабдын колдору курусун - жок болсун!*** *(Анығында)* ***ал куруду“,*****[111:1]**

﴿إِنَّ شَانِئَكَ هُوَ الأَبْتَرُ﴾

***- „Албетте сени жаман көрүүчү кимсенин куйругу кыркылган*** *(т.а. ал кимсе жок болуп кетүүчү)!“* **[108:3]**

Бул пикирий күрөш Алла Тааланын мына бул:

﴿ادْعُ إِلَى سَبِيلِ رَبِّكَ بِالْحِكْمَةِ وَالْمَوْعِظَةِ الْحَسَنَةِ وَجَادِلْهُمْ بِالَّتِي هِيَ أَحْسَنُ إِنَّ رَبَّكَ هُوَ أَعْلَمُ بِمَنْ ضَلَّ عَنْ سَبِيلِهِ وَهُوَ أَعْلَمُ بِالْمُهْتَدِينَ﴾

***- „****(Эй Мухаммад),* ***хикмат жана чырайлуу насаат менен даъват кылгын, алар менен эң көркөм жолдо далилдешип тартышкын. Албетте, Роббиңдин Өзү Анын жолунан азган адамдарды абдан жакшы билет жана Ал зат Туура Жолду табуучу адамдарды да абдан жакшы билет“,*** **[16:125]**

сөзүнө тескери келбейт. Анткени, хикмат - бул аклий далил жана негиздүү хужжат. Көркөм насаат болсо – жакшы эскертме. Жакшы эскертме болсо пикир жана туйгуларды биргеликте козгоо аркылуу ишке ашат. Мисалы, Алла Тааланын ушул сөзү сыяктуу:

﴿إِنَّ جَهَنَّمَ كَانَتْ مِرْصَادًا ۞ لِلْطَّاغِينَ مَآبًا ۞ لاَبِثِينَ فِيهَا أَحْقَابًا ۞ لاَ يَذُوقُونَ فِيهَا بَرْدًا وَلاَ شَرَابًا ۞ إِلاَّ حَمِيمًا وَغَسَّاقًا ۞ جَزَاءً وِفَاقًا﴾

***- „Албетте чектен ашуучулардын барар жайлары болгон жаханнам*** *(өзүнө кулап түшүп жаткан капырларга)* ***көз салып туруучу болду. Алар ал жайда узак замандар*** *(б.а. түбөлүккө)* ***калуучулар! Алар ал жайда*** *(жаханнам отунан тыным бере турган)* ***бирер салкын-сая жана бирер ичимдикти татышпайт! Жалаң гана кайнак суу жана ириңди гана*** *(татышат)! (Мына ушул алардын кылмыштарына)* ***жараша жаза!“*** **[78:21-26]**

Эң көркөм талкуу болсо, сиз менен талкуулашкан кишинин азарынан жүз үйрүү т.а. ага таптакыр көңүл бурбоо болот. О.э. пикирий күрөш менен Алла Тааланын мына бул:

﴿وَلاَ تُجَادِلُوا أَهْلَ الْكِتَابِ إِلاَّ بِالَّتِي هِيَ أَحْسَنُ إِلاَّ الَّذِينَ ظَلَمُوا مِنْهُمْ﴾

***- „****(Эй момундар),* ***силер Китеп берилгендер менен жалаң эң көркөм жосунда талашып-тартышуу кылгыла, бирок, алардын арасындагы зордук-зомбулук кылган кишилер менен гана*** *(кескин мамиле кылышыңар мүмкүн)****“,*** **[29:46]**
сөзүнүн ортосунда карама-каршылык жок. Эң көркөм жол талкуу учурунда жеткен азардан жүз үйрүү болот. Ал эми урушуу, өкүмдү аткаруу же жизя төлөөдөн баш тартуу менен зулум кыла тургандардын талкуусу кылыч менен болот. Расулулла ﷺдан рыбаят кылынган пикирий күрөштөрдүн бири ибн Абу Шайба жана Абдурраззак өз «Муснад»дында о.э. сийрат муаллифтери жана башкалар Катодадан келтирген рыбаяттар, Расулулла насроний кишиге: **«Мусулман бол, Абул-Хорис»**, деди. Насроний: «Мусулман болгонмун», - деди. Ага: **«Мусулман бол, Абул-Хорис»**, - деди. Ал: «Мусулман болгонмун», - деди. Ага үчүнчү жолу: **«Мусулман бол, Абул-Хорис»**, - деген эле, ал: «Сизден мурун мусулман болгонмун», - деди. Ошондо Расулулла ﷺ ачууланды жана: **«Жалган айттың, сени менен мусулмандар ортосун үч сыпат тосуп турат: хамр сатып алышың (ичишиң дебеди), доңуз жешиң жана кудайдын баласы бар деп дуба кылышың»**, - деди. Санъаний тафсиринде Абдурраззактан, ал Муаммардан, ал болсо Катодадан келтирет: Убай ибн Халаф чириген сөөктү келтирип, аны шамалга чача баштады жана: «Алла ушуну тирилтеби, эй Мухаммад?» - деди. Расулулла ﷺ: **«Ооба, Алла муну тирилтет, сени болсо өлтүрөт жана тозокко киргизет»**, - деди. Хаким Жабир ибн Абдулла ؓдан кылынган рыбаятты «Мустадрак»та келтирип, аны сахих деген: «Бир күнү Курайш чогулду, Утба ибн Робиа ибн Абдушшамс кирип келип: «Эй Мухаммад, сен жакшысыңбы же Абдуллабы?» - деди. Расулулла ﷺ сүкүт сактады, кийин: «Сөзүңүз бүттүбү?» деди эле, ал «Ооба» деди. Расулулла ﷺ:

﴿حم ۝ تَنزِيلٌ مِنَ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ﴾

***- „Ха, Мим.*** *(Ушул Куран)* ***мээримдүү жана ырайымдуу*** *(Алла)* ***тарабынан түшүрүлгөн“,*** **[41:1-2]**
аятынан

﴿فَإِنْ أَعْرَضُوا فَقُلْ أَنذَرْتُكُمْ صَاعِقَةً مِثْلَ صَاعِقَةِ عَادٍ وَثَمُودَ﴾

***- „Демек, эгер алар жүз бурушса, ал убакта айткын: «Мен силерди Аад жана Самуд*** *(урууларын урган)* ***чагылганга окшогон бир чагылган-кыйроодон эскерттим»,*** **[41:13]**
аятына чейин окуду. Утба ал затка: «Жетишет, жетишет, сизде андан башкасы барбы?» - дегенде, «Жок», деди. Утба Курайшка кайтып барды. Алар андан: «Иш эмне болду?» - деп сурашты. Ал: «Мен силер айтасыңар деп билген нерседен бирин калтырбастан айттым», - деди. «Жооп бердиби?» - дешти. Ал: «Ооба, ант болсун, айткан сөздөрүнүн эч бирин түшүнбөдүм, бирок, Ад жана Самуд уруулары учураган чагылган сыяктуу чагылгандан силерди эскертти», - деди. Алар: «Каран калгыр, сага кимдир араб тилинде сүйлөсө, сен анын айткан нерсесин түшүнбөйсүңбү?» -

дешкенде, ал: «Жок, Аллага ант болсун, чагылгандан башка, айткан нерсесинен бирер нерсени түшүнбөдүм», - деп жооп берди». Бул Расулулла ﷺдан рыбаят кылынган пикирий күрөштүн бир көрүнүшү.

О.э. айрым сахабалар да ушундай кылышкан. Ибн Исхак Зубайрдан кылган рыбаяты да ушулар катарынан. Зубайр айтты: «Расулулла ﷺдан кийин Меккеде Куранды биринчи болуп үн чыгарып окуган адам Абдулла ибн Масъуд болду». Айтат: «Бир күнү Расулулла ﷺдын сахабалары топтолушуп: «Курайш Куран бийик үн чыгарып окулганын алиге чейин уккан жок, аны аларга уктуруп коё турган ким бар?» - дешти. Абдулла ибн Масъуд «Мен» деди. Алар: «Биз алардын сага зыян жеткизишинен коркобуз. Биз, коом ага бирер нерсе кылмакчы болгондо андан коргоп кала турган туугандары бар кишини назарда тутуп жатабыз», - дешти. Ошондо ибн Масъуд: «Мени коё бергиле, анткени, мени Алла коргойт», - деди. Ал эртелеп туруп, шашкеде чогула турган жайга келди да, үнүн бийик чыгарып:

﴿الرَّحْمَنُ ۝ عَلَّمَ الْقُرْآنَ﴾

***- „Рахман Куранды таалим берди“,*** **[55:1-2]**

аятын окуду. Андан кийин, Курайшка жүздөнүп окуй баштады. Алар таң калып: «Умму Абддын уулу эмне деп жатат?» - дешти. Кийин: «Мухаммад алып келген нерсени окуп жатат!» - дешти да, туруп барып анын жүзүнө ура башташты. Ибн Масъуд болсо окуй берди жана Алла каалаган жерге чейин окуду, кийин сахабалардын алдына кайтты. Анын жүзүнөн алиге чейин соккунун издери кетпеген эле. Сахабалар: «Биз мына ушул нерседен корккон элек», - дешти. Ибн Масъуд: «Алланын душмандары мага азыркыдан көрө арзыбас болбогон эле, эгер кааласаңар эртең да аларга ушундай кыламын», - деди. Алар: «Жок, жетишет, аларга жактырбай турган нерселерин угуздуң», - дешти». Ибн Касир «Жамиъул-масонид вас-сунан»да Хотибден төмөнкүнү келтирген. Расулулла ал кишини Искандария мукавкиси Журайж ибн Минанын алдына жиберди. Мукавкис ал кишиге: «Эмне үчүн пайгамбарыңар аны өз жеринен чыгарып жибергендерди дубаи бад кылбайт?», - деп сурады. Хотиб ага: «Кудум, Иса Алла Өз алдына көтөргөнгө чейин аны өлтүрмөкчү болгондорду дубаи бад кылбаганы сыңары», - деди. Ошондо мукавкис: «Баракелде, сен даанышман кишинин алдынан келген даанышмансың», - деди. Хаким «Мустадрак»та келтирип, Бухарий жана Муслим шарттарына ылайык, сахих деп рыбаят кылат, Абу Муса ؓ айтат: Расулулла ﷺ бизди Нажашийдин жерине барууга буюрду. Мунун кабары Курайшка жетип, алар Амр ибн Аас жана Аммара ибн Валидди Нажашийге аталган тартуулар менен жиберишти. Биз жетип бардык, алар да Нажашийдин алдына келип, тартууларын тапшырышты. Кийин Амр ибн Аас: «Биздин айрым уруулаштарыбыз динибизден жүз үйрүп, азыр сиздин жериңизде турушат», - деди. Нажаший андан: «Менин жеримде турушабы?» - деп сурады. Ал «Ооба» деди. Кийин бизге адам

жиберилди. Жаъфар бизге: «Силерден бир да киши сүйлөбөсүн, бүгүн силердин араңардан сүйлөй турган менмин», - деди. Биз Нажашийдин алдына келгенибизде, ал межлисте отурган эле, анын оң жагында Амр ибн Аас, сол жагында болсо Аммара ибн Валид бар экен. Анын кашиштери жана рохибдери сүкүт сактап отурган эле. Ошондо Амр жана Аммара ага: «Булар сизге сежде кылышпайт», - дешти. Биз анын алдына барганыбызда анын кашиш жана рохибдери «Падышага сажда кылгыла!» деп бизге кыйкырды. Жаъфар болсо «Алладан башкага сежде кылбайбыз» деди. Нажаший ага «Ал ким?» дегенде, Жаъфар: «Алла бизге пайгамбарын жиберди, ал – Иса өзүнөн кийин Ахмад деген пайгамбар келет деп башарат берген пайгамбар. Ал бизди Аллага ибадат кылууга, Ага бир да нерсени шерик кылбоого, намаз окуп, зекет берүүгө буюрду жана бизди маъруфка буйруп, мункардан кайтарды», - деди. Адамдар анын бул сөздөрүнө таң калышты. Муну көргөн Амр: «Алла падышаны дагы да улуктасын, ал эми, булар Иса ибн Марям туурасында силерге карама-каршы», - деди. Нажаший Жаъфардан: «Бурадарыңыз ибн Марям туурасында эмне дейт?» - деп сурады. Жаъфар: «Ал тууралуу Алланын *„Албетте, ал-Масийх Ийса бинни Марям Алланын пайгамбары жана Анын Марямга жеткизген сөзү о.э. Ал тарабынан болгон рух (ээси)",* деген сөздү айтат», - деди. Ошондо Нажаший жерден колуна бир чыбык алды да: «Эй кашиштер жана рохибдер жамааты, булар ибн Марям туурасында силер айтып жаткан нерседен ушунча да ашпайт. Силерге жана силер анын алдынан келген кишиге мархамат. Мен, ал Алланын расулу жана Иса ибн Марям башарат берген зат экендигине күбөлүк беремин. Эгер мен падыша болбогонумда анын алдына барып бут кийимин көтөрүп жүргөн болор элем. Менин жеримде каалаганыңарча тура бергиле, - деп, аларга тамак жана кийим алып келүүгө буюрду жана – мына бул эки кишиге тартууларын кайтарып бергиле», - деди. Ахмад бул хадисти Умму Салама ﵁дан Абу Муса ﵁нын хадисиндегиден көбүрөөк тафсилаттар менен келтирген. Аны Хайсамий «Мужмаъ»да накл кылып: «Ровийлери - ибн Исхактан башкалары - ишеничтүү», - деген.

Ал зат ﷺ дүйнөдөн кайткандан кийин мусулмандар куфр диянаттары жана хазараттары менен пикирий жана аскерий жактан күрөшүштү, мунун натыйжасында эски дүйнөнүн дээрлик бардык бурчтарына чейин Ислам дини тарады. Адамдар Алланын динине топ-топ болуп киришти. Алар өздөрүнүн мурунку дин жана хазараттарын таштап, акыйдасы, пикирлери, турмушка болгон көз карашы, мыйзамы жана кызыкчылыктары о.э. Алланын калимасын бийик кылуудан турган эң жогорку максаттары да бир болгон бир бүтүн Үммөткө айланышты. Алар дүйнөнүн башкаруу борборуна айланышты, алардын шаарлары болсо, жаркын пикир, тавхид акыйдасын жана адилеттүү шариятты таратуучу борборлорго айланды. Алар ааламга Китеп, Сүннөт жана араб тилин алып чыгышты, натыйжада, Ислам баарынын мабдасына айланды. Араб тилине кызыгуу көбөйдү, керек болсо

алардын арасынан мужтахиддер жана тилчи аалымдар жетишип чыкты. Мында араб менен ажам арасында айырма калбады, бардыгы Алланын неъматы менен боордош болушту. Биз бүгүнкү күндө араб тилин Исламдан ажыратып таштоо үчүн, ага каршы жийиркеничтүү ыкмалар менен жырткычтарча чабуул кылынып жатканына күбө болуп жатабыз. Мисалы, шевачылыкка (араб тили диалектилерин бири-биринен артык көрүүгө) болгон чакырык, башка мусулмандардын тилин латын тамгалары менен жазуу жана махаллий талаффузларды (жергиликтүү акценттерди) араб тили деп этибар кылуу сыяктуу. Араб тилин билбей турган кишинин ижтихад кылышы биякта турсун, Исламды түшүнүшү кыйын болору анык. Алар араб тилин латын же суряний тилге окшотмокчу, мунун натыйжасында, Исламды пайдаланылбай калган ушул тилдин адистери гана түшүнө алышат. Алар аны өлүк тилге айландырышмакчы. Араб тилин билбей турган киши кабар жана инша, амр жана нахий, хакикат жана маъжаз, иллат жана сабаб, шарт жана маъне, хас жана умум, мутлак жана мукайяд, ифада, түшүнүк, илтизом жана харфтар маанилеринин далалаты жана булардан башка шаръий нусустарды түшүнүү үчүн зарыл болгон нерселерди кантип түшүнмөк эле?! Демек, буга чакырып жаткандар Ислам душманы болот. Кайсы бир мусулмандын көзүнө бул маанисиз нерселер жакшы көрүнсө, демек, анын акылы кыска.

Бирок, Алланын динине кирүү арабдардын арасында да толук даражада массалык түрдө болбоду. Анткени, жеңилген диянат жана хазараттар жок болуп кетпестен, алар өнүгүүгө шарты болбогону себептүү башында алсыз болуп турушту. Натыйжада, кудайсыздык аракеттери бастырып ташталды. Бирок, кийинчерээк араб тилин этибарсыз таштап коюу ижтихад эшигинин жабылышына жана өкүмдөрдү түшүнүүдө туруксуздукка алып барды. Бул болсо өз кезегинде Мамлекетти алсыратып, анын талкаланып майда мамлекетчелерге айланышына алып келди. Мурунку хазараттардын айрым пикирлери мусулмандардын зээнине кирип келди. Мисалы, индус фалсафасынан тарки дүйнөчүлүк жана денени кыйноо, айрымдардагы тарапкечтик, башка бириндеги батиния агымынын пикирлери о.э. Халифалык борборунан ажырап чыгууга умтулуу жөнүндөгү пикирлер. Бул иштер мамлекетти алсыратып, фатхтарды токтотту. Кийинчерек, крестүүлөр жана монгол-татарлар ага көз арта башташты. Кийин Усманийлер келип, мамлекет аймактарынын көпчүлүк бөлүгүн салтанаты астында бириктирип, фатхтарды кайта баштады. Бирок, аларда мабданы толук көрүнүштө алып чыгуунун ордуна аскердик кубат үстөм эле. Ошондуктан, биринчи фатхтарда болгон сыяктуу кийинчерек фатх кылынган өлкөлөрдүн калктары Ислам казанында биригип кетишпеди. Өзбек, тажик, пуштун, фарс, түрк, барбар, индус, дайлам, түркмөн жана күрддөр сыяктуу Исламды катуу сүйгөн жана аны бекем карманган калктар менен серб, грек, мадяр (венгр), хорват, румын жана башкалар сыяктуу Усманийлер доорунда фатх кылынган калктардын арасындагы айырманы

сезүүгө болот. Алар мусулмандарга жана алардын мамлекетине каршы Батыш менен тез эле тил бириктирип кетишти, өз алуунун учуру келгенде, аны колдон чыгарышпады. Андан кийин Исламга каршы сакафий жана табширий (миссионердик) чабуулдар башталып, алар Батыш хазаратынын Ислам мамлекетин кулатышы, талкалашы жана мусулмандар жамаатын бөлүп ташташы менен аяктады. Капиталистик Батыш муну менен чектелип калбастан, тайпачылык, мекенчилдик, демократия, эркиндик, вазъий мыйзамдар жана жасалма чегаралар сыяктуу түшүнүктөрдү мусулмандардын арасына жаюуга бел байлады. Батыш тикеленген мамлекетчелердин башына – өзүнө дос болгон, таасирин жана түшүнүктөрүн орното турган, кызыкчылыктарын коргоп, бытырандыкка негиз сала турган, Алланын жолунан тосуп, алардын ченгелинен кутулмакчы болгон ар бир мусулманга каршы күрөшө турган бузук башчыларды – коё алды. Алардын бул кылмыштарына, капиталистик пикирлерге астейдил чакырып, аларды жактай турган о.э сокурларча ыкылас менен үммөттүн душманы тарапка өтүп алып, Ислам хазараты менен күрөшө турган малай интеллигенттер жардамдашты. Крестүү капырлар жана мусулмандар өлкөлөрүндөгү токтом ээлери болгон малайлар массалык маалымат каражаттары жана таалим-тарбия тармагын өз көзөмөлү астына алышты. Натыйжада, өздөрү адашып, башкаларды да адаштырышты. Бул пикирий чабуул ушуну менен чектелип калбады. Капиталистик хазараттын эркиндиктер, демократия, плюрализм, жарандык коом, институционалдык мамлекет, адам укуктары, аял укуктары, мекенчилдик робытасы, диндер аралык сухбат жана башка түшүнүктөрүнө болгон чакырык тынымсыз болуп келе жатат. Айтып өткөндөрүбүз Исламий жана капиталистик хазараттардын ортосундагы кескин пикирий күрөш. Бул күрөш ушунчалык ачык-айкын болуп, айрым муфаккирлер жана капитализм жетекчилери чалгытуу үчүн аны жашырууга канчалык урунушса да, аны далилдеп отуруунун зарылчылыгы жок. Анткени, биз аларды ар күнү көрүп, угуп жатабыз. Мисалы, Американын мурунку президенти Никсон «Ыңгайлуу учур» китебинде мындай деп жазган: «Биздин узлатта (коңулда) болушубуз, биздин кадрияттарыбызга жана бүткүл дүйнөгө жакшылык таратууга даъват кылып жаткан диний этикатыбызга тескери». Ал өзүнүн «Согушсуз жеңиш» китебинде мындай дейт: «Ынкылабий Исламий идеология – замандаштырууга каршы билдирилген мамиле. Коммунизм тарых саатын алдыга айландырууга аракет кылып жатат, Исламий фундаменталисттер болсо аны аркага кайтармакчы… Коммунистик жана исламий ынкылапчылар ортоктош максатты көздөгөн идеологиялык душмандарыбыз. Ал максат, адам баласы көтөрө албай турган – алардын идеяларынын үстүнө тикеленген – диктатордук түзүм орнотуу максатында бийликке жетишүү үчүн ар кандай зарыл деп эсептелген васитадан пайдалануу». Италиянын азыркы премьер-министри Берлускони мындай дейт: «Биз өзүбүздүн хазаратыбыздын үстөм

экендигин түшүнүшүбүз керек. Чыгыш Батыш хазаратына көз карандылыгында улана берет жана бул көз карандылык күчөйт. Бул нерсе бир жолу коммунисттерде жана Ислам дүйнөсүнүн кээ бир бөлүктөрүндө болуп өттү». Осло келишиминин жооптуу комиссары Терре Ларсен Палестинадагы мусулмандардын Батыш менен ылайыкташууга жүздөнгөнүн алкыштады. Ослодогу яхудийлер делегациясынын мүчөсү жана сүйлөшүүчүсү болгон Йоси Сарид «Жүрүш» китебинде келтирет: «Аялдардын башындагы жамынчылары көтөрүлө баштады, көйнөктөр да этегинен кыскарды. Муну Ларсен Батыш менен ылайыкташууга жүздөнүү деп алкыштап, жакшы күтүп алды. Чындыгында, Ослодон мурунку биринчи интифада убагында аялдар мындай кыла алышпаган эле». Америка мамлекеттик катчысынын мурунку жардамчысы Филлис Окли болсо мындай дейт: «Мен хазараттар кагылышуусунан четтөө мүмкүн эмес дегендерге кошулам». Американын мурунку мамлекеттик катчысы Мадлен Олбрайт мындай дейт: «Биз өздүгүбүз себептүү чабуулдарга дуушар болдук. Биз глобалдаштыруу фикратын бекем кармайбыз о.э. демократия, эркиндик жана ачык коомду коргойбуз. Американын маңызы мына ушулардан турат, биз болсо андан чегине албайбыз» («Куддус» газетасы, Натан Чарлз Вашингтондун которулган макаласы). Америкадаги Йел университетинин тарых боюнча профессору Пол Кеннеди мындай дейт: «Террористик чабуулдар эч качан жоголбойт деген пикирди тана албайбыз. О.э. бул чабуулдардын алдын алууда утушка жетише албадык. Себеби, жин бөтөлкөнүн оозунан өч алуу руху менен чыгып бүттү. Кечеги автомобил бомбасы бүгүнкү күнгө келип самолёт бомбасына айланды» («Куддус» газетасы, 2001-жылы 22-сентябрда которулуп басылган макала). Мурунку яхуд президенти Герцог 1992-жылы Польша парламенти алдында төмөнкүлөрдү айткан эле: «Исламий фундаментализм чумасы тездик менен жайылууда, ал жалаң яхудийлерге эле эмес, балким, бүтүндөй адамзатка коркунуч туудурууда» («Арабий» журналы, 514-сан). Шимон Перес болсо мындай дейт: «Фундаментализм коммунизм кулагандан кийинки доордо эң чоң коркунучка айланды» («Арабий» журналы, 514-сан). Американын мурунку мамлекеттик катчысы Сайрус Венс мындай деди: «Иштери кандай түс алышын билип болбой турган мына бул фундаменталисттер менен этият жана олуттуу мамиледе болушубуз керек» («Арабий» журналы, 514-сан). Франция маданий энциклопедиясы болсо Мухаммад ﷺды: «Аферист, аялдар уурусу, адамзат аклиятынын эң чоң душманы», - деп сүрөттөйт.

Булар жана буларга окшогондор Исламга болгон кек-душмандыгын ачык көрсөтүп жатышат. Берилип жаткан билдирүүлөр алардын капиталистик хазарат менен куралданып, Исламий хазаратка каршы кескин пикирий күрөш алып барып жаткандыгын ачык-айкын көрсөтүп турат. Бирок, бул жерде башка бир топ да бар, алар мусулмандардын аң-сезимин уулоо жана аларды өзгөртүүдөн тосуп турууну улантуу үчүн көз боёмочулук кылып, аларды чалгытууга урунууда. Алардын Исламга жана мусулмандарга

карата сактап келе жаткан кек-душмандыгы мурункулардыкынан кем эмес. Американын мурунку президенти Клинтон мындай дейт: «Бүгүн Ортоңку Чыгыштагы душманыбыз – экстремизм». Ал хазараттар кагылышуусу фикратын четке какты. Ал болуп жаткан күрөштү – Исламга алакасы жок, бирок, дин жана улутчулдукка оронуп алган экстремисттик күчтөргө каршы күрөш – деп этибар кылууда. Ал экстремизм Ислам таалиматына да каршы деп кошумча кылып, Ислам дүйнөдө таттуулук жана муътадилдик (мээлүүндүүлүк) үчүн чоң күч деп баса белгиледи. («Арабий» журналы, 514-сан). Бельгия тышкы иштер министри Луи Мишел Берлускониний жогорудагы билдирүүсүнө түшүндүрмө берип: «Эгерде, Европа союзунун мүчөсү болгон мамлекеттин премьер-министри ушул сыяктуу сөздү айтса, ал таптакыр жокко чыгарылат. Себеби, бирер хазаратты башка хазараттардан абзел же үстөм деп этибар кылуу бардыгыбыз ыйман келтирген Европа кадрияттарына карама-каршы келет», - деди («Ал-Жазира» каналы уюштурган маек). Жада калса, Буштун крестүүлүк согушу деп ачык айтып жар салганы аны Вашингтондогу Ислам борборуна баруудан жана Исламды тынчтык дини деп сыпаттоодон кайтарбады. Ушул согуштагы анын шериги болгон Британия премьер-министри Блэр болсо Исламды тынчтык дини деп сыпаттап, мына бул аяттын:

﴿مَنْ قَتَلَ نَفْسًا بِغَيْرِ نَفْسٍ أَوْ فَسَادٍ فِي الأَرْضِ فَكَأَنَّمَا قَتَلَ النَّاسَ جَمِيعًا﴾

***- „Кимде-ким бир жанды өлтүрбөгөн жана жерде бузукулук кылып жүрбөгөн адамды өлтүрсө, демек, куду бардык адамдарды өлтүрүптүр“,*** **[5:32]** маанисин далил кылып келтирди. Ал жана ага окшогондор иштетип жаткан мындай алдамчы көрүнүштөргө мусулмандар алданып калбашы керек. Себеби, алар кылып жаткан кылмыштар алардын дилиндеги нерсени көрсөтүп турат. Ал эми, алардын жалган сөздөрү болсо, эч бир мусулманды алдай албайт.

Алардын бардыгы Исламдын акыйкатын түшүнүшөт, жада калса, кээ бир мусулмандардан да жакшыраак түшүнүшөт. Мисалы, биз Американын мурунку президенти Никсондун ушул сөздөрүн келтирген элек: «Адам баласы көтөрө албай турган идеялар… Фундаменталисттер аны аркага кайтармакчы… Исламчылар – идеологиялык душманыбыз». Ал өзүнүн «Ыңгайлуу учур» китебинде дагы мындай дейт: «Ислам жалаң эле дин эмес, балким, чоң цивилизациянын (хазараттын) пайдубалы». Никсон Ислам менен насронийлердин арасындагы айырмага этибарын каратып, ушул китептин фундаменталисттер жөнүндөгү бөлүмүндө: «Алар мурунку Исламий хазаратты, өтмүштү тикелөө аркылуу кайтарууга астейдил киришишкен жана Исламий шариятты колдонууну максат кылып, «Ислам - дин жана мамлекет» деп жар салып жатышат… Бирок, биздин хазаратыбыз алардын хазаратынан жакшыраак эмес. Чындыгында, Ислам дүйнөсү коммунизмге каршы Батышка караганда катуу күрөштү. Алардын Батышта жайылган маддийлик жана ахлакый бузукчулукту инкар кылуусу кемчилик

эмес, балким, артыкчылык», - дейт. Анын мына ушул сөздөрү калыс айтылгандыгына карабастан, бул нерсе бизди идеологиялык душман деп жарыя кылуудан, мусулмандарга каршы фитна кылуудан жана мусулмандардын зыянына яхудийлердин тарабын алуудан аны кайтарбады. Ал «Согушсуз жеңиш» китебинде мындай деп жазат: «Биздин Израилди сактап калуу жаатындагы милдетибиз терең тамырга ээ. Биз расмий союздаш болбосок да, бизди ар кандай кагаздан күчтүүрөөк нерсе байлап турат. Бул милдет маанилүү мажбурият болуп, андан өтмүштө бирер президент баш тартпаган жана келечекте ар бир президент астейдил аткарат. Америка Израилге чаң салууга ант ичкен Израил душмандарына, аны талкалоо менен жүзөгө аша турган максаттарын ишке ашырууга эч качан жол бербейт». «Ыңгайлуу учур» китебинде болсо мындай сөздөр келген: «Израил жана Түштүк Корея сыяктуу коркунучта калып жаткан демократиялык мамлекеттерди коргоо максатында биз - керек болсо - аскерий күчтү ишке салууга да даярбыз… Эч бир Америка президенти же конгресс Израилдин талкаланышына эч качан жол бербейт». Алар Ислам акыйкатын жана анын хазаратын түшүнүп туруп, капырлыгын, душмандык жана айла-амалдарын уланта беришет. Мунун таң каларлык жери жок, анткени, мусулман киши капиталистик хазаратты алардын кээ бирлеринен көбүрөөк түшүнөт, ушул эле учурда, өз динине жана хазаратына астейдил берилген мусулман боюнча кала берет. О.э. мунун тескериси да болушу мүмкүн. Ушул себептен улам, мусулмандар мындай сөздөргө алданып калбашы керек.

Пайгамбарлык программасы негизиндеги туура жолдогу Халифалыктын бар болушу Ислам менен куфр ортосундагы күрөштө бекем негиз милдетин өтөйт. Ислам колдонулбай жаткан жана мусулмандардын абалы алсыздык, кордук, калактык жана бытырандылык дартына кабылган бир убакта, ушул көп куралдуу күрөштү жалаң гана маалымат каражаттары аркылуу даъват кылуу, китептерди басып чыгаруу жана шахсий алакаларга чектөө аңкоолук жана келесоолук болот. Качан малекет тикеленсе, анда адилеттүүлүк, сый-урмат, жыргалчылык, инсанийлик жана бардык түрдөгү фазилаттар жүзөгө чыгат жана муну жакын жана узактагы мусулман жана капыр ошол замат сезет. Анын мавжуд (бар) болушу миллиондогон китептердин, алакалар жана миңдеген маалымат каражаттарынын ордун баса алат. Эгер анын мавжуддугу ушул нерселерге кошулуп кетсе, адамдар Алланын динине топ-топ болуп кирип жатканын көрөсүз.

# ХАЗАРАТТАР КҮРӨШҮНҮН ТҮРЛӨРҮ

## Пикирий күрөш

Ислам менен куфр хазараттарынын ортосундагы пикирий күрөш турмуш чындыгы болуп, ал мусулмандар мойнундагы парз болот. Мында капырлардын күрөштү биринчи башташы шарт кылынбайт. Расулулла ﷺ мындай күрөштү мамлекет тикеленишинен мурун, Меккедеги даъват жашыруун доорунан өткөндөн кийин баштаган. Ушундай абал бүгүнкү күнгө чейин уланып келди жана Алла каалаганча боло берет. Ал айрым адамдарга күңүрт болуп турган болсо да, негизи, абдан анык нерсе. Улуттар жана диндер жөнүндөгү китептерден кабардар киши булардан мусулмандар өздөрү билген бардык пикирлер менен пикирий күрөшкө киришкенин билет.

Батыш хазараты менен Исламий хазараттын арасындагы бул күрөш түрдүү ыкмаларда көрүнөт. Мисалы:

1. Маалымат каражаттарына өкүмдар болуп алуу жана аларды капиталистик хазаратка кызмат кылдыруу;
2. Батыш түшүнүктөрүн жаюу, Исламий хазарат түшүнүктөрүнүн айрымдарын жамандоо, ага каршы күрөшүү жана мусулмандардын тарыхын бурмалоо үчүн таалим программаларына толук өкүмдар болуп алуу;
3. Батыштыктар түздөн-түз көзөмөл кыла турган мектептерди жана жогорку окуу жайларын ачуу;
4. Батыш хазаратын кабыл алып, ага даъват кыла турган, Батыш жана анын элпек муътадил достору коргой турган партияларды түзүү;
5. Тандалма катмар, интеллигент жана муфаккир деп таанылгандарга өзгөчө көңүл бөлүп, алардын ишмердүүлүгүн жар салуу жана аларды – Исламий өлкөлөрдөгү пикир жетекчилерине айлануусу үчүн – даңктуу кылуу;
6. Батышка пикирий, саясий же коопсуздук тармагында малай т.а. чыккынчы болууга жарактуу шахстарды тандап алуу үчүн ар түрдүү изилдөө жана билим долбоорлоруна каражаттар (стипендия) бөлүү;
7. Батыш уусун жайылтуу жолунда мекемелер, клубдар жана атайын борборлор ачып, аларды эч бир чектөөсүз каражат менен камсыздоо;
8. Араб тилине каршы күрөшүү, ажам(араб эмес) тилдерди жандантуу, улутчулдук жана мекенчилдик туйгуларын күчөтүү.

Кызыкчылыктар үчүн күрөш деген нерсе да, негизи, артынан пикирий күрөш келип чыга турган пикирий келишпөөчүлүккө негизделет. Кызыкчылыктар үстүндөгү күрөш кээде аскердик кагылышууга чейин жетип барат. Аскердик кубатка ээ болбогон алсыз вужуд (мамлекет) кызыкчылыктар күрөшүнө чийбөрү же чөөлөр арстандын олжосуна жакындашканындай жакындашышы мүмкүн. Кызыкчылыктар үстүндөгү

мындай күрөш эки башка хазараттардын ортосунда болушу мүмкүн о.э. бир кыл хазарат өкүлү болгон эки мамлекет же калктын ортосунда болушу да мүмкүн. Америка Перс булуңуна кол салып, аны басып алып, ал жерде өз таасирин орнотуп бекем жайгашкандагы максаты Кувейттиктерди азат кылуу эмес эле, балким, нефтиге бай региондо кызыкчылыгы жана таасирин жаюу үстүндөгү күрөш болгон эле. Алардан кимдир бирөө Алла Субханаху ва Тааланын нефтини Батышта эмес, Булуңда мол-көл кылганы тууралуу: «Биз кудайдын катасын оңдоо үчүн келдик», - деген эле. 1990-жылы 16-декабрда ошол убактагы Америка мамлекеттик катчысы Шульц мындай деген эле: «Кувейттен чыгып кеткен күндө да Ирактын аскерий күчтөрүн талкалоо зарыл». Дик Чейни 1990-жыл 3-декабрда Конгресс алдында: «Саддам Хусейн Кувейттен чыгып кетиши же окуя кандай аякташына карабастан, мындай чабуул кайталанбашын кепилдөө зарыл», - деген эле. Ирак, Кувейт жана Булуңдун башка мамлекеттери ошол убакытка чейин Британия таасири астында экендиги белгилүү болчу. Ушул себептен улам, Америка Британия менен саясий жана экономикалык жактан күрөшкөн эле, өзү экөө тең бир хазарат т.а. капитализмге тиешелүү мамлекеттер. Ошол эле убакта, ал мусулмандар менен саясий, экономикалык жана аскерий жактан күрөшүп жаткан эле. Акыйкатта болсо, капитализмди кабыл алып, Исламий хазарат жана анын көптөгөн түшүнүктөрүнөн баш тарткан мусулмандар менен күрөшүп жатат. Америка мусулмандарга каршы мурунку ыкмаларынын негизинде алып барган күрөшү хазарий жактын үстүнө курулган болуп, алсыз улуттарды колония кылуу жана алардын байлыктарына бүтүндөй өкүмдар болуудан турат эле. Мына ал өз чабуулун Орто Азияга кайрадан баштап жатат. Ал эми, Британия менен болгон күрөшүнүн хазарий жагы арабдар менен болгон күрөштөгү абалдан айырмаланат. Американын Булуңда Британия менен күрөшүүдөн максаты дүйнөнү башкаруу жана алсыздардын байлыктарын талап-тоноп алып кетүүдө жалгыз калууну кепилдөө үчүн болчу. Ошон үчүн, Америка – ата Буштун сөзү менен айтканда – авангард болушу керек. Т.а. дүйнөгө жетекчилик кылууда эки уюлга орун жок б.а. Америка – бир да атаандашы болбогон абалда – карыган колонизатордун мураскору болуп калышы керек. Эки хазарат ортосундагы күрөшкө капиталистик Америка менен коммунистик Советтер Союзунун ортосундагы күрөштү мисал кылып келтирүүгө болот. Бирок, ал аскердик кагышуу даражасына жетип барбастан, саясий, пикирий жана экономикалык күрөшкө чектелди жана Советтер Союзу кулашы менен аягына жетти. Бир хазарат ээлери ортосундагы күрөшкө болсо, нацист мамлекет болгон Германия менен башка капиталистик мамлекеттердин ортосундагы күрөштү мисал кылып келтирсек болот. Ал немис улутун башка улуттардан үстөм деп биле тургандар менен Европа жана Америка калктарынын арасында улут үстөмдүгүн тан албай тургандардын ортосундагы күрөш эле. Бирок, ал бир

хазарат т.а. капитализмди кабыл алгандардын күрөшү болуп калды. Бул күрөш улутчулдар хазаратынын өзгөчө түшүнүгү менен союздаш мамлекеттердин түшүнүгү арасындагы белгилүү бир карама-каршылыкка негизделген эле.

Демек, пикирий күрөш – Адам ﷺдын эки уулу келишпей калгандан баштап ушул күнгө чейин – жер жүзүндөгү бардык күрөштөрдүн негизи болуп келе жатат жана Алла Таала каалаган убакытка чейин боло берет. Ошондуктан, биз пикирий күрөштөн баштадык.

### Экономикалык күрөш

Чындыгында, экономикалык күрөш илгертен болуп келген, бирок, бүгүнкү күндө ар тараптуу, тартиптүү, коркунучтуу түс алды дейсиң, күчтүү хазарат ээлери башка хазараттарга эргешүүчүлөрдөн турган Алланын пенделерин ырайымсыздык менен адамгерчиликти бир четке жыйыштырып коюп кырып жатышат. Дүйнө жүзү чоң бир токойго айланып, анда күчтүүсү күчсүзүн жеп жатат. Туура, жер жүзү барды-келди жана алака жагынан алып караганда кичине бир кыштакка окшойт, ал эми, күчтүүнүн күчсүз үстүнөн өкүмдарлык кылышы жагынан болсо, токойго окшойт. Бул нерсе капитализм, айрыкча, анын жетекчиси болгон Америка колдонуп жаткан ыкмаларда ачык көрүнүп турат:

Биринчиси – сырёго кандай кылып болсо да ээ болуу;

Экинчиси – долларды алтындын мукабылы сыпатында бүткүл дүйнөлүк валюта кылуу. Европа бул өкүмдарлыкка өзүнүн «евро» валютасы менен күрөшүүгө урунууда, айрым мамлекеттер болсо алтын жана күмүш түзүмүнө кайтууга аракет кылышууда. Бирок, Америка алтын түзүмүнө кайтмакчы болгон ар бир аракетке каршы күрөшүүдө;

Үчүнчүсү – өнүгүп келе жаткан мамлекеттерди оор өнөржайын өнүктүрүүдөн, жада калса, жеңил өнөржайдын да көп тармактарын өнүктүрүүдөн тосуп, аларды жалаң гана керектөөчү базарларга айлантуу;

Төртүнчүсү – өнүгүп келе жаткан мамлекеттерди Эл аралык валюта фонду жана дүйнөлүк банк аркылуу коркунучу анык болгон пайыздуу карыздарга көмүп таштоо;

Бешинчиси - өз мекенинде «керексиз» болгон жана иш издеп Батышка көчүп кетүүгө мажбур болгон адис жана муфаккирлерди кең көлөмдө тартуу;

Алтынчысы – бул өлкөлөрдө азык-түлүк коопсуздугу жоголушуна алып бара турган саясатты – негизинен Эл аралык валюта фонду аркылуу – иштеп чыгып, аны оболу өз муктаждыгын каптоого кеңири мүмкүнчүлүктөрү бар өлкөлөрдө колдонуу. Анткени, муну менен ал жардамдарга, белек жана карыздарга көз каранды болуп калат;

Жетинчиси – мамлекеттерди убакыт өтүшү менен тез эле дат басып кала турган куралдарды сатып алууга мажбур кылуу үчүн регионалдык согуштарды күчөтүү;

Сегизинчиси – өнүкпөгөн өлкөлөрдө коопсуздук тармагы туруксуздукта болуусу үчүн аракет алып баруу. Анткени, мунун менен сармаялар (капиталдар) Европа жана Америка сыяктуу коопсузураак өлкөлөргө көчүп өтөт. Мунун акыбетинде Америка ошол сармаяларды каалаган убакта тоңдуруп коюу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Жалаң араб мамлекеттеринин эле Батыштагы сармаяларынын өлчөмү кеминде 800 миллиард (!) долларга жеткендигин билишибиз өнүкпөгөн Исламий өлкөлөрдөн алып чыгып кетилген акчалардын көлөмүн элестетүүгө көмөктөшөт. Башка өнүгүп келе жаткан мамлекеттерден алып чыгып кетилген акчаларды айтпасак да түшүнүктүү.

Тогузунчусу – көптөгөн өлкөлөрдөгү экономикалык кызыкчылыктарга глобалдаштыруу, менчиктештирүү жана үлкөн капиталистик ширкеттер (трансулуттук корпорациялар) ээлик кыла турган сармаялар киргизүү аркылуу өкүмдар болуу;

Онунчусу – милдети Батыш кызыкчылыктарын коргоо болгон кошуун жана тыңчыларды о.э. малай акимдерди дайындоо;

Он биринчиси – айрым региондорго – ал жердеги таасирин коргоо үчүн – аскердик базаларды жайгаштыруу. Америка Перс булуңу, Синай жарым аралы, Орто Азия, Түркия жана башка жайларда дал ушундай кылды. Булар байлыктарды талап-тоноону жеңилдештирүүчү аскерий деңиз флотторунан сырткары;

Он экинчиси – алсыз абалында калышы жана алардын үстүнөн өз өкүмдарлыгын кепилдөө үчүн – көз карандысыздык (суверендүүлүк) наамы астында – майда мамлекетчелерди пайда кылуу үчүн иш алып баруу;

Он үчүнчүсү – басып алынган калктардын үстүнөн өкүмдарлыгын улантуу, аларды өзүн-өзү өзгөртүү жана колонизаторлордун чеңгелинен азат болуу жөнүндө пикирлөөдөн чалгытуу максатында өз сакафий жана хазарий түшүнүктөрүн жаюу;

Он төртүнчү – айрым мамлекеттерге карата кудум Иракка каршы колдонулгандай – камал (эмбарго) ыкмасын колдонуу. Америка БУУнун Коопсуздук кеңешине Иракты камал кылып, Америка деңиз күчтөрүнө – аны менен боло турган соода-сатыкты чектөө үчүн – күч иштетүүгө укук берүүчү 665-номерлүү резолюцияны чыгартып алды. «Жетекчилер» китебинин автору Боб Вудворд ушул токтомду чечмелеп мындай дейт: «Мына бул токтом БУУнун 45 жылдык тарыхында биринчи жолу экономикалык камалды ишке ашыруу укугун уюмдун өзүнө эмес, балким, мүчө мамлекетке берүү болду. Бул Америка админстрациясынын ачык жеңиши болду».

**Саясий күрөш**

Капиталистик Батыш сакафаты менен мусулмандардын ортосундагы саясий күрөшкө келсек, ал төмөнкүлөрдөн көрүнөт:

Биринчиси – Батыштын 1924-жылы Халифалыкты кулатышы;

Экинчиси – Палестинада яхуд мамлекетин тикелеп, аны жана анын аскерий үстөмдүгүн коргоо;

Үчүнчүсү – мусулмандар жамаатын бөлүп таштоо жана эгемендүүлүк наамы менен ушул сыяктуу бөлүнүүгө шыктандыруу. Мунун натыйжасында алтымышка жакын мамлекетче вужудга келди. Батыш талкалоо жана бөлүп таштоо үчүн азырга чейин тынымсыз аракет кылып келет. Бөлүнүүнүн зыяны акылдуу киши үчүн сыр эмес. Мусулмандар ушул эгемендүүлүк фикратына моюн сунуп, ал үчүн күрөшүп жатышат, негизи, ал мусулмандар хазараты жана түшүнүктөрүнө бүтүндөй тескери. Алла аларды бөлүнбөй турган жамаат болуууга буюрган. Алар болсо күнү-түнү Алланын:

﴿وَاعْتَصِمُوا بِحَبْلِ اللَّهِ جَمِيعًا وَلاَ تَفَرَّقُوا﴾

***- „Бардыгыңар Алланын жибине** (Куранга) **байлангыла жана бөлүнбөгүлө!“***

**[3:103]**

аятын тилават кылып туруп, бөлүнүүгө жана бөлүнгөн тайпаларды ыйыкташтырууга карай бара жатышат. «Жамийъа» сөзү Алланын жибине байлануучулар болуп, жамаат маанисин берет. Ал Расулулла ﷺдын: «**Кимде-ким силердин ишиңер бир кишиде жам болуп турган абалда силерди күнөө кылдырмакчы же жамаатыңарды бөлүп таштамакчы болуп келсе, аны өлтүргүлө**», - деген сөзүндөгү жамааттын өзү. Демек, бул жерде бир кишинин астында жамаат болуу жана жамиъан деген сөздөр бир мааниде келген.

Төртүнчүсү – формасы республика жана королдук болгон түзүмдөрдү Исламий өлкөлөрдө колдонуп, бийликти Батыштагыдай кылып үч тармак ортосунда бөлүштүрүү;

Бешинчиси - Исламий мамлекет болгон туура жолдогу Халифалыкты тикелөө аркылуу абалды өзгөртүү үчүн аракет алып барып жаткан кыймылдарга каршы күрөшүү. Аларды кээде экстремист, кээде фундаменталист деп атап жатышат. Алардын бул күрөшү кээ бир абалдарда гана түздөн-түз өздөрү тарабынан болуп, көпчүлүк убакта малайларынын колу менен ишке ашырылып жатат. «Арабий» журналы 514-санында жазышынча: «Ак үйдүн Ортоңку Чыгыш маселеси боюнча жоопту кызматчысы Мартин Индик регион тууралуу: «Америка региондо аткарышы керек болгон иш, достук мамиледеги мамлекеттердин экстремизмди чектеп коюшуна жардамдашуу», - деди». Эгер алар ушул аракеттерди чектеп коё албаса, анда «муътадил өнүгүүнү жактоочу досторү» жардамында кескин чара жана жырткычтык менен аларды жанчып таштайт. Алар жөнүндө Никсон «Ыңгайлуу учур» китебинде мындай дейт: «Исламий

мамлекеттердеги көпчүлүк саясатчылардын Исламга болгон мамилеси анын каада-салттарга болгон мамилесинен артык эмес… Өнүгүүнү жактоочу тайпадагылардын таасири сезилерлик…, алар мусулмандарды саясий жана экономикалык жактан заманбап дүйнөгө байлоого аракет кылышат. Бул тайпадагылар ылайыкташуучулугу менен айырмаланып турушат жана Батышты кудайсыз деп сыпаттабастан, балким, ага ахли китеп сөзүн иштетишет. Өнүгүүнү жактоочулар өкүмдар болуп турган айрым мамлекеттер, демократиялык мамлекеттер – Турция жана Пакистан сыяктуу… Биз араб дүйнөсүндөгү өнүгүүнү жактоочуларга жардам беришибиз керек… Америка саясатынын негизи өнүгүүнү жактоочу мусулмандар менен стратегиялык кызматташууда… Биз максаттарыбызды өнүгүүнү жактоочуларга байлаган соң, демек, кызматташтыгыбыз бардык жакты, экономикалык жана коопсуздук тармактарын өз ичине алышы керек… Ушул себептен улам, Америка менен кызматташ мамлекеттердин ортосундагы мамиле буйрук берүү даражасына жетип барбашы керек жана өнүгүүнү жактоочу мамлекеттердин жетекчилери биз менен өз элинин ортосундагы кабарчыдай болуп калбашы керек. Биз алар менен кызматташ катары тең укуктуу мамиледе болушубуз керек. Аларга Батышка үгүттөөчү жарчы катары мамиледе болушубуз аларды тез эле көөмп таштайт… Биз – Ислам дүйнөсүндөгү досторубузга кыйынчылык туудуруп жаткандыктан – алар биздин айрым иштерибизге раддия беришин кабыл кылышыбыз керек…». Үммөт бул «муътадил өнүгүүнү жактоочу досторду» жакшы тааныйт. Ошентсе да, Ирак, Египет, Түркия, Өзбекистан, Алжир, Сирия, Ливия жана Тунис акимдеринин ушул үммөттүн калыс уулдарына карата кылган кылмыштарын эстетип коюунун зыяны жок.

Алтынчысы – алсыз мамлекеттер о.э Ислам дүйнөсүндөгү мамлекеттердин иштерине аралашууга мыйзамдуу түс берүү үчүн БУУ жана Коопсуздук кеңешин түзүү. Эгер Америка айрым бир чоң мамлекеттердин өжөрлүгү себептүү Коопсуздук кеңеши аркылуу аралаша албаса, анда Коопсуздук кеңешинен да, БУУдан да аттап өтүп, жеке өзү ишти башкара берет, кудум «Терроризмге каршы крестүүлүк согушу» деп атаган согушу сыяктуу. Муну менен ал каалаган жерине түшүп, каалаган кишилерге сокку берип жатат. Никсон «Ыңгайлуу учур» китебинде ушул саясатка токтолуп, мындай дейт: «Эгер, Кошмо Штаттардын кызыкчылыктарына зыян жете турган болсо, Америка колунан келишинче Улуттар уюму менен кызматташтыкта иш алып барат. Ал эми мындай кызматташтык мүмкүн болбосо, ишти ага таянбастан жеке өзү алып бара берет». Массачусетс университетинин саясий фандар боюнча профессору Коллард Пауэр бир журналда басылган макаласында мындай дейт: «Ушул нерсе анык, эл аралык мыйзам жер шарынын Батыштагы жарымына туура келбейт… Адам укуктарын тебелөө, эгер Америка кызыкчылыктарына кызмат кылса, туура болуп кала берет окшойт».

Жетинчиси – пайдапарас жана жахалатпарастардан бир канчасын чогултуп, аларды партиялар деп атоо. Эгер максат кылынган планга бир партиялуу түзүм менен жетише албаса, алардын бирине башкарууну тапшырат да, калгандарын болсо оппозиция катары таанып коёт.

Булар капиталистик хазарат ээлери тарабынан мусулмандар жана башкаларга каршы уюштурулуп жаткан саясий күрөштүн айрым көрүнүштөрү. Алар мындай көрүнүштөгү бардык тармактарда күмөнсүз жеңишке жетишишти. Мунун себеби, Халифалык мамлекетинде көрүнүүчү солих башчы жана солих түзүмдүн жоктугунда.

**Аскерий күрөш**

Эми хазараттар ортосундагы акыркы күрөш – аскерий күрөшкө өтөбүз. Ал мусулмандарда жихад деп аталып, чоң бөлүмдү үзөт. Биз үчүн бул жердеги эң маанилүү нерселерге: аскерий күрөштүн, айрыкча, Исламий хазаратта мукаррар (анык) экендигин далилдөө; кээ бирөөлөрдүн талап жихады (чабуул жихады) важыптыгын танууга урунуусу; Ислам таттуулук жана тынчтык дини дей тургандарга раддия берүү; кийин Ислам террористик динби же жокпу деген темаларга токтолуп өтөбүз.

Биз капыр хазарат издештеринин мусулмандарга кылган кылмыштарынан баштайлы, анткени, булар сезимдер жардамында сезилгендиктен, сөздөргө караганда далалаты күчтүүрөөк. Мисалы, биз бир да күн каршы күрөшпөгөн Австралия Чыгыш Тиморду басып алды. Кытай Орто Азия түштүгүндөгү толук бир вилаятка баскынчылык кылууда, Россия Кавказ региону, Крым, Казан жана башка бир канча Исламий өлкөлөрдө баскынчылык кылууда. Индия Дели, Кашмир жана түндүк Индиянын бардыгында баскынчылык кылууда. Америкалыктар Булуңдун баарына өкүмдар болуп, Өзбекстандан тартып Булуңга чейинки Орто Азияга саясий жана аскерий таасирин жайып, Синай жарым аралына да кадамын коюуда, Турциянын Инжирлик регионунда болсо анын чоң аскерий базасы бар. О.э. Франция жана Британия менен Африкага таасир жаюу үстүндө күрөшүп жатат. Британиялыктар Азия жана Африкада таасир калдыктарына, ал эми, Булуң жана Гибралтарда болсо аскерий вужудга ээ. Франциянын да калкы мусулман болгон бир канча Африка мамлекеттеринде таасири бар. Сербдер, Хорваттар, Гректер, Румын жана Болгарлар Исламий жерлерди басып алышкан. Испандар Андалус, Сеута жана Малиланы басып алышкан, италиялыктар Аголибдин жери болгон Сицилияны ээлеп алышкан, Исламий жерлер болгон Жер Ортолук деңизинин аралдарынын бардыгы азыркы күндө басып алынган. Филиппин жана Бирма да Исламий жерлерди басып алган. Яхуд вужуду Шам өлкөлөрүнүн бир бөлүгү болгон Палестинаны басып алган. Расулулла ﷺ мындай дегенде акыйкатты айткан эле: «**Жакында силердин үстүңөргө түрдүү улуттар кудум ачка адам өз тамагына таштанганы сыяктуу таштанышат». Ошондо бир киши:**

**«Ошондо биз азчылык болобузбу, я Расулулла?» - деп сураганда айтты: «Ал күндө силер көпчүлүк болосуңар, бирок, жамгыр суусунун көбүгү сыяктуу бир көбүк болосуңар. Алла душманыңардын жүрөгүнөн силерден коркууну алып таштайт, силердин жүрөгүңөргө болсо заифтикти салып коёт». Бир киши: «Я Расулулла, заифтик эмне?» - деп сурады. Айтты: «Дүнүйөнү жакшы көрүү жана өлүмдү жаман көрүү»** (Абу Давуд Савбандан кылган рыбаят).

Ушул ачуу чындык куфр хазараты издештеринин мусулмандарга каршы алып барып жаткан күрөшүн далилдөө үчүн жетишерлик болсо да, аны ошол куфр хазаратынын издештери болгон саясатчы жана муфаккирлердин сөздөрү менен тастыктап өтөбүз.

- Никсон «Согушсуз жеңиш» китебинде мындай дейт: «Чыныгы сыймык жаңжалдан четтөөдөн эмес, балким, анын тополоңунда болушубуздан, мабдабыз, кызыкчылыктарыбыз жана досторубуз үчүн күрөшүүдөн келип чыгат… Демек, дүйнөнүн кай жосунда жүрүшү туурасындагы күмөндөрүбүздү ыргытышыбыз керек. Американыктар «күрөш табигый эмес, түрдүү калктар негизинен бири-бирине окшош, келишпөөчүлүктөр түшүнбөөчүлүккө барып такалат, дайымий жана бүтүндөй тынчтык жетишүү мүмкүн болгон максат» деген пикирге ыкташат. Бирок, мунун туура эмес экендигин тарых далилдеп турат. Мунун себеби, ар бир үммөт башкасынан – саясий адат, тарыхый тажрыйба жана аракетке келтирүүчү идеологияда – айырмаланып турат. Булар болсо адатта чатак келтирип чыгаруучу нерселер. Карама-каршы кызыкчылыктар болсо түшүнбөөчүлүккө, келишпөөчүлүккө жана акыр-акыбет согуштарга алып барат… Бүтүндөй тынчтык т.а. чыр-чатаксыз дүйнө болсо, куру кыялдан башка нерсе эмес. Андай тынчтык эч качан болбогон жана эч качан болбойт». Ал өзүнүн «Ыңгайлуу учур» китебинде дагы мындай дейт: «Кызыкчылыктардан айрылуу Кошмо Штаттардын коопсуздугуна коркунуч келтире турган болсо, ал хаятий кызыкчылыкка (жашоонун башкы кызыкчылыгына) айланат. Демек, Батыш Европа, Япония, Канада, Мексика жана Булуң мамлекеттери эгемендүүлүгүнүн уланышы – өлкөбүздүн коопсуздугу назарынан алганда – хаятий маселе болот. О.э. өнүкпөгөн мамлекеттердин ядролук куралга жетишпестигинде биз үчүн хаятий кызыкчылык бар. Кошмо Штаттар өзүнүн кызыкчылыктарына каршы болгон коркунучту кайтаруу үчүн куралдуу күчтөн башка васитага ээ эмес… Израиль жана Түштүк Корея сыяктуу коркутулуп жаткан демократиялык мамлекеттерди коргоо үчүн – керек болсо – аскерий күчтү ишке салууга даярбыз».
- 1980-жылы 23-январь күнү президент Картер Америка конгресси алдында адаттагы президенттик «Биримдик мамлекети» сөзүн сүйлөп, мындай деген эле: «Биздин позициябыз анык. Чет элдик күчтөр тарабынан Булуң регионунун үстүнөн өз көзөмөлүн орнотууга болгон урунуу Кошмо

Штаттардын хаятий кызыкчылыктарына уюштурулган чабуул деп этибар кылынат. Мындай кол салуу – ар кандай васита, ушулар катары аскерий күчтү ишке салуу менен тосулат».

- 1990-жылы 2-ноябрда Генри Киссинжер «Едиот Ахронот» газетасына «Эй Америка, жакында токтотуп туруучу күчтөн айрыласың» деген темада бир макала жазып, мындай деди: «Аскерий васитаны ишке салуу, чындыгында, кыйын жана оор иш. Ал Исламий өлкөлөрдө демонстрациялар толкунун келтирип чыгарып, террористик чабуулдарга жаңыдан түрткү бериши мүмкүн. Бирок, бул коркунучтар – Америка алсыздыгынын белгилери бара-бара региондогу муътадил өкмөттөрдүн жемирилиши, карама-каршылык даражасы артып барышы жана бардык түзүмдөрдүн жок болушуна алып баруучу аёосуз күрөштүн коркунучтары – менен салыштырып көрүлүшү зарыл».
- 2001-жылы 18-сентябрда интернеттин «Америкалыктар» бетинде Франциянын «Ле Фигаро» газетасы экс-президент Никсондун кеңешчиси, мурунку коргоо министри, азыркы убакта эл аралык жана стратегиялык изилдөөлөр борборунда кеңешчи болуп иштеп жаткан Жеймс Шлезингер менен өткөргөн маек жарыяланды. Анда Шлезингер: «Бул тармактарды (террористтик уюмдарды) тамыры менен сууруп таштоого узак убакыт керек болот, себеби алар өздөрү ээлеген позициядан келип чыккан күчтүү үндөөчү түрткүгө ээ»,- деди.
- «Ал-Жазира» телеканалы уюштурган «Кылымдын биринчи согушу» программасында программанын автору Генри Киссинжердин «Вашингтон пост» газетасында басылган «Өч алуунун өзү жетиштүү эмес» деген темадагы макаласында ушундай дегенин келтирет: «Болуп өткөн чабуулга – ушул чабуулду вужудга келтирген түрткүгө каршы – какшаткыч сокку берүү менен жооп бериш керек».
- НАТОнун мурунку катчысы Клаус Науманн, НАТО мурунку Советтер Союзунун ордуна өзүнө душман кылып Исламды бутага койгондугун расмий жарыя кылды.
- «Би-би-си онлайн» 2001-жылы 17-сентябрда Жорж Буштун «Бул крестүүлүк согушу, бул терроризмге каршы согуш узак убакытка уланат» деген сөздөрүн келтирди.
- Самюэл Хантингтон «Американын тышкы иштери» журналында басылган макаласында: «Кылымдар бою Батыш менен Ислам ортосунда уланып келе жаткан бул аскерий кагышуу кескиндигинин төмөндөө ыктымалы абдан эле аз. Тескерисинче, анын жырткычтыгы жана кескиндиги ашышы мүмкүн…», - дейт.
- Шимон Перес өзүнүн «Жаңы Ортоңку Чыгыш» китебинде: «… Биз максатыбызга жетише турган калкпыз. Элүү муунубуз чачылып, таркалып жашагандан кийин, элүү муунубуз башынан өткөргөн зулум, азап жана кырсыктардан кийин, жер жүзүндөгү бирер күч бизди бул жерди

(Палестинаны) таштап кетүүгө мажбурлай албайт. Биз эркиндигибизди жаңылоого, тынчтыгыбызды кепилдөөгө жана урмат-сый менен жашашыбызга мүмкүнчүлүк бере турган дүйнөдөгү жападан-жалгыз жай болгон жерден эч качан жылбайбыз…», деп жазат.

- Стив Данлеви 11-сентябрь окуясынан кийин «Нью Йорк Пост» газетасына мындай деп жазды: «Буларды өлтүргүлө, адам өлтүргүчтөрдү машыктыргыла, жалданма адам өлтүргүчтөрдү жалдагыла, баш кесерлер аларды тирүүлөй же өлүк – өлүгү абзелирээк - алып келиши үчүн миллиондоп доллар ажыраткыла. Бул курттарга башбаанек берип жаткан шаарларды болсо, бомбалар менен баскетбол майданына айландыргыла».

## ИСЛАМДАГЫ ХАЗАРИЙ КҮРӨШТҮ ТАНУУЧУЛАРДЫН КҮМӨНДҮҮ ДАЛИЛДЕРИ

Мына булар алардын кылмыштары жана сөздөрү болуп, бири экинчисине абдан окшошот. Адаштыруучулар жана айрым бир баёо мусулмандар сухбат кылуудан башка бардык нерседен баш тартып, хазараттар ортосундагы кагылыш жана күрөштү туура эмес деп, аны бүтүндөй танып жатышат. Ушул эле үммөттүн айрым өкүлдөрү диндер аралык сухбат фикратына катуу жабышып, Ислам менен насронийликтин ортосундагы биригүү нуктасын издеп, куфр бир улут экендигин эстен чыгарып же билмексенге салып, бул сухбатка насронияны хастап жатышат. Алла Субханаху ва Таала капырларга көптүк түрүндө кайрылып:

﴿قُلْ يَاأَيُّهَا الْكَافِرُونَ﴾

***- „****(Эй Мухаммад),* ***айткын: «Эй капырлар!»“*** **[109:1]**

- деди. Кийин динди жекелик түрдө келтирип:

﴿لَكُمْ دِينُكُمْ وَلِيَ دِينِ﴾

***- „Силердин диниңер өзүңөр үчүн, менин диним өзүм үчүн!“*** **[109:6]**

- деди. Куфрдун бир улут экендиги Палестина маселеси чечиминдеги биригүүдөн да көрүнүп турганын унутмаксан болгон сыңары, мында да унутмаксан болуп жатышат. Акыры, яхуд мамлекетин пайда кылган, аны коргоп, каражат, курал-жарак жана колдоп-кубаттоо менен жардам берген капиталистик хазаратка негизделген куфр мамлекеттеринин өзү эмеспи?! Пикир малайлары болгон адаштыруучулардын аткара турган милдеттери бар. Ал эми карапайым мусулмандар болсо убактыларын бейпайда өткөрүп, пайдасыз нерселер менен убара болуп жатышат жана ушунусу менен бардыгын чалгытууга үлүш кошуп жатышат. Яхуд жана насронийлер чакырып жаткан учурашуу, сухбат жана жыйындарга катышып жатышат, негизи, булар ишенип болбой турган чакырыктар болуп, алардын жарчылары бизди динибизден узакташтырмакчы жана хакты батылга аралаштырмакчы болуп, бул тармакта бар күчүн сарптап жатышат:

﴿وَلَنْ تَرْضَى عَنْكَ الْيَهُودُ وَلاَ النَّصَارَى حَتَّى تَتَّبِعَ مِلَّتَهُمْ﴾

***- „Яхудий жана насронийлер алардын динине кирмейинче эч качан сага ыраазы болушпайт“, [2:120]***

﴿إِنَّ هُدَى اللَّهِ هُوَ الْهُدَى وَلَئِنْ اتَّبَعْتَ أَهْوَاءَهُمْ بَعْدَ الَّذِي جَاءَكَ مِنَ الْعِلْمِ مَا لَكَ مِنَ اللَّهِ مِنْ وَلِيٍّ وَلاَ نَصِيرٍ﴾

***- „Айткын: «Алланын жолу гана чыныгы жол». Ант болсун, эгер сага келген чыныгы билимден кийин да алардын көңүлү каалаган нерселерине ээрчип кетсең, Алла тарабынан сага дос да, жардамчы да болбойт “. [2:120]***

О.э.:

﴿وَدُّوا لَوْ تُدْهِنُ فَيُدْهِنُونَ﴾

***- „Алар сенин*** *(өздөрүнө)* ***көңүлчөөктүк-келишүүчүлүк кылышыңды каалашат, ошондо алар да*** *(сага)* ***көңүлчөөктүк кылышат», [68:9]***

т.а. аларга жумшак болушуңду каалашат. Бул аят, мейли, Мекке мушриктери туурасында түшкөн болсо да, бардык капыр жана мушриктерге туура келет. Ахли китептер капыр экандигин аяттар катъий тастыктаган, сахабалар ижма кылышкан, Исламий үммөт болсо муну абдан жакшы билет. Ошондуктан, алардан жалтактоо же алар менен жумшак мамиледе болуу жайыз эмес, балким, алардын диндеринин жасалма экендигин, куфр жана батылдыгын баян кылуу о.э хак дин болгон Ислам динине аларды даъват кылуу важып. Халифалык мамлекети тикеленгенден кийин, алар Исламга даъват кылынат. Эгер баш тартышса, алардан жизя талап кылынат, эгер андан да баш тартышса, анда, кылыч. Алла Тааланын:

﴿وَلاَ تُجَادِلُوا أَهْلَ الْكِتَابِ إِلاَّ بِالَّتِي هِيَ أَحْسَنُ﴾

***- „****(Эй момундар),* ***силер ахли китеп менен жалаң эң көркөм жосунда талашып-тартышкыла», [29:46]***

аятын далил кылып келтирип, аяттын калган:

﴿آمَنَّا بِالَّذِي أُنْزِلَ إِلَيْنَا وَأُنْزِلَ إِلَيْكُمْ وَإِلَهُنَا وَإِلَهُكُمْ وَاحِدٌ وَنَحْنُ لَهُ مُسْلِمُونَ﴾

***- „Дагы айткыла: «Биз өзүбүзгө түшүрүлгөн*** *(Куран)****га да, силерге түшүрүлгөн*** *(Тоорот жана Инжил)****ге да ыйман келтиргенбиз. Биздин кудайыбыз да, силердин кудайыңар да Бир*** *(Кудай)* ***жана биз Ага гана моюн сунуучубуз», [29:46]***

- деген бөлүгүнө сүкүт сактап жашыруу, бул чалгытуудан өзгө нерсе эмес. Алардын зулум кылгандары болсо, эң көркөм талкуудан истисна кылынган болуп, алар согушкан жана жизя төлөбөгөн кимселер. Демек, талап кылынган нерсе алар менен көркөм талкуу кылуу эмес, балким, араны ачык кылуу.

Алла Тааланын ушул аятын:

﴿وَقُلْ لِلَّذِينَ لاَ يُؤْمِنُونَ اعْمَلُوا عَلَى مَكَانَتِكُمْ إِنَّا عَامِلُونَ ۞ وَانتَظِرُوا إِنَّا مُنتَظِرُونَ﴾

***- „Ыйман келтирбей турган адамдарга айткын: «Өзүңөр билген амалдарыңарды кыла бергиле, биз да өз амалыбызды кылабыз. О.э.*** *(кылып жаткан ишиңердин акыбетин)* ***күтө бергиле, биз да күтүүчүлөрбүз»,*** **[11:121-122]**

алар менен тынч-таттуу жашоого далил кылуу туура эмес. Себеби, бул буйрук опуза кылуу жана коркутууну түшүндүрүп жатат. Биз аларга опуза кылуу жана коркутуудан тышкары, тээ алар мусулман болгуча же жизя бергенге чейин (мунун баяны кийинчерек келет) согуш кылууга буйрулганбыз. Бул жерде тынч-таттуу жашоо барбы?! Алла Тааланын ушул:

﴿إِنَّ الَّذِينَ آمَنُوا وَالَّذِينَ هَادُوا وَالصَّابِئِينَ وَالنَّصَارَى وَالْمَجُوسَ وَالَّذِينَ أَشْرَكُوا إِنَّ اللَّهَ يَفْصِلُ بَيْنَهُمْ يَوْمَ الْقِيَامَةِ إِنَّ اللَّهَ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ شَهِيدٌ﴾

***- „Чындыгында, ыйман келтирген заттар, яхудий болгон адамдар, сабийлер*** *(периштелерге сыйынуучулар),* ***насронийлер, мажусийлер*** *(отпарастар)* ***жана мушрик болгон адамдар – ырасында, Алла Кыямат Күнүндө алардын арасын ажыратат*** *(момундарды бейишке киргизет, капырларды тозокко кириптер кылат)****»,*** **[22:17]**

аятын – биздин алар менен болгон этикат жана жашоодогу келишпөөчүлүктөрүбүздү кыямат күнү арабызды ажырым кыла турган Аллага таштап коюуга далил кылуудан – аларды Исламга кирүүгө мажбурлабастык назарда тутулуп жатса туура болот. Бул менен Алла кыямат күнү арабызды ажырым кылышы назарда тутулуп жаткан болсо, ал да туура болот. Ал эми, аларды хак динге даъват кылбастык назарда тутулуп жаткан болсо, бул батыл жана туура эмес болот. Себеби, биз аларга мусулман болгонго чейин же жизя төлөгөнгө чейин даъватты жеткирүүгө буюрулганбыз. Болбосо согуш кылынат. Эгер жогорудагы аяттан алар менен согуш кылбоо назарда тутулуп жатат десе, ал да туура эмес болот, анткени, талап жихады парз (бул да кийинчерек баян кылынат).

Алла Тааланын мына бул аятын:

﴿لاَ يَنْهَاكُمُ اللَّهُ عَنِ الَّذِينَ لَمْ يُقَاتِلُوكُمْ فِي الدِّينِ وَلَمْ يُخْرِجُوكُمْ مِنْ دِيَارِكُمْ أَنْ تَبَرُّوهُمْ وَتُقْسِطُوا إِلَيْهِمْ إِنَّ اللَّهَ يُحِبُّ الْمُقْسِطِينَ﴾

***- „Алла силерди диниңер жаатында силер менен урушпаган жана силерди өз мекениңерден айдап чыгарбаган кишилерден – аларга жакшылык кылууңардан жана аларга адилеттүү болууңардан кайтарбас»,*** **[60:8]**

аларга жакшылык кылууга, аларга карата адилеттүү болууга жана көркөм мамиледе болууга далил кылып келтирүү туура болот. Бул аят, Меккеде ыйман келтирип, хижрат кылбаган кишилер туурасында болгондуктан, аны

далил кылуу бул темага туура келбейт дейбиз. Эгер, жогоруда бардык диндегилер назарда тутулган десек, мындай далил кылуу биз менен согушпаган жана бизди мекенибизден айдап чыкпаган ар бир кишиге туура келет. Бирок, бул Палестина мусулмандары менен согушкан, аларды мекенинен чыгарып жиберген же чыгарууга жардам бергендерди о.э. бүгүнкү күндө афгандар менен согушуп жаткан жана аларды өз мекенинен чыгарып жиберип жаткан же чыгарууга жардамдашып жаткандарды өз ичине албайт. О.э. экинчи Булуң согушунан бери Иракта биз менен согушуп жаткандарды, Кашмирде, Чеченистан жана башка өлкөлөрдө биз менен согушуп жаткандарды да өз ичине албайт.

Алла Тааланын ушул:

﴿وَإِنْ جَنَحُوا لِلسَّلْمِ فَاجْنَحْ لَهَا﴾

***- „Эгер алар келишимге ыкташса, сен да ага ыктагын»,*** **[8:61]**

аятынын «Ислам – тынчтык дини, тынчтык анын негизи» деген нерсеге далил кылынышына келсек, ал төмөнкү:

﴿فَلاَ تَهِنُوا وَتَدْعُوا إِلَى السَّلْمِ وَأَنْتُمُ الأَعْلَوْنَ﴾

***- „Ошондуктан*** *(Эй момундар),* ***силер*** *(ал капырларга каршы согуш кылып жатканыңарда эч качан)* ***суздук кылбагыла жана өзүңөр үстөм болгон абалыңарда*** *(аларды)* ***жарашууга да чакырбагыла!»*** **[47:35]**

аяты менен кошуп түшүнүлөт. Мусулмандар күч-кубатка толгон жамаат болуп турганда аларга келишим (сулх) керек эмес. Келишим түзүү пайдалуу же пайдасыз экендигин белгилөө Халифанын укугу. Халифа уруксат берген кишиден башкалар түзгөн келишимдин кыйматы жок. Эгер Алла Тааланын төмөнкү:

﴿يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا ادْخُلُوا فِي السِّلْمِ كَافَّةً وَلاَ تَتَّبِعُوا خُطُوَاتِ الشَّيْطَانِ إِنَّهُ لَكُمْ عَدُوٌّ مُبِينٌ﴾

***- „Эй момундар, толосунча болгон Ислам динине киргиле! Жана шайтандын артынан ээрчибегиле! Шексиз, ал силердин ачык-айкын душманыңар»,*** **[2:208]**

аяты далил кылынса, эң оболу, муну менен хытаб кылынгандарды билүү, андан кийин «силм» деген сөздүн маанисин билиш керек дейбиз. «Момундар» сөзү менен мусулмандарга хытаб кылынган, же Мухаммад ﷺдан мурунку пайгамбарларга ыйман келтиргендерге да хытаб кылынган болушу мүмкүн. «Силм» дегени Ислам болушу да, сулх (келишим) болушу да мүмкүн. Эгер хытабдан Мухаммад ﷺга ыйман келтиргендер назарда тутулса, аларга «момундардын сулхуна киргиле» деп айтуунун зарылчылыгы жок. Анткени, алар мухариб эмес, балким, өзүнө окшогон момундар. Албетте, аларга «Исламдын бир бөлүгүнө амал кылып, калган бөлүгүн таштап эмес, балким, бардык мыйзамдарына моюн сунуп, хад жана өкүмдөрдү ишке ашыруу маанисинде Исламга толук абалда киргиле» деп айтылат. Эгер хытаб кылынгандар мурунку пайгамбарларга ыйман

келтиргендер болсо, алардан сулхка кирүү талап кылынышынын мааниси жок. Бул нерсе Куранда жок. Табарий: «Аларды сулхка чакыруу Куранда жок», - дейт. Демек, мындан максат, аларды Исламга даъват кылуу жана ага кирүүгө шыктандыруу. Хытаб кылынган ким болушуна карабастан, бул аятта мусулмандарды капырлар менен сулх түзүп тынчтыкка киришүүгө т.а. келишүүгө даъват кылуу жок.

Эгер Алла Тааланын ушул:

﴿فَإِنِ اعْتَزَلُوكُمْ فَلَمْ يُقَاتِلُوكُمْ وَأَلْقَوْا إِلَيْكُمُ السَّلَمَ فَمَا جَعَلَ اللَّهُ لَكُمْ عَلَيْهِمْ سَبِيلاً﴾

***- „Демек, эгер силерден четтенип, силерге каршы согушпай, келишим түзүүнү сунуш кылып келишсе, Алла силер үчүн алардын үстүнө эч кандай жол бербейт»,*** **[4:90]**

аяты мусулмандарга каршы согуштан өзүн четке алган келишүүчү капырларга каршы мусулмандар биринчи болуп согуш башташы арам экендигине далил кылынса, анда айтарыбыз, бул аят биз менен бүтүм түзгөн коомго бара турган мунафыктарга тиешелүү т.а. алар сулхдагылардын өкүмүнө туура келишет. О.э. биз менен согушууну каалабастан, коомунун кыстоосу менен чыгып, согуштан өзүн четке алгандарга т.а. кудум Бадр күнү мушриктер менен чыккандар сыяктууларга тиешелүү. Чындыгында, биз үчүн алар үстүнө жол жок.

Эгер Алла Тааланын мына бул:

﴿أُذِنَ لِلَّذِينَ يُقَاتَلُونَ بِأَنَّهُمْ ظُلِمُوا وَإِنَّ اللَّهَ عَلَى نَصْرِهِمْ لَقَدِيرٌ﴾

***- „Чабуулга учурап жаткан заттарга зулумдук көргөндүктөрү себептүү*** *(согушуу)* ***уруксаты берилди. Албетте, Алла аларды үстөм кылууга кудуреттүү»,*** **[22:39]**

аяты капырларга каршы биринчи болуп согуш ачуу чектен чыгуу жана зулум, ошондуктан биз мындан кайтарылганбыз деп далил кылынса, анда, бул аят согушкерлерди эмес, балким, согушка катышпаган аялдар жана балдарды назарда тутат дейбиз.

Эгер Алла Тааланын мына бул:

﴿إِنَّ اللَّهَ لاَ يُحِبُّ كُلَّ خَوَّانٍ كَفُورٍ﴾

***– „Албетте Алла бардык кыянатчы жана неъматка капырлык кылуучуларды жакшы көрбөйт»,*** **[22:38]**

аяты башкалар ага каршы биринчи болуп согуш баштаган мазлум үчүн согушка уруксат экендигине хужжат кылынса, аяттагы согушууга болгон буйрук зулумду кайтаруу абалына эле чектелбестен, мутлак болот дейбиз. Себеби, Алла Тааланын ушул *«зулумдук көргөндүктөрү себептүү»* деген сөзү согушуу үчүн иллет эмес, балким, вакыйдын сыпаты болот. Мунун себеби, Курайш мушриктери мусулмандарды катуу азапташчу эле, алар болсо Расулулла ﷺдын алдына жараланган абалдарында арызданып келишкенде, Расулулла ﷺ аларга: «Сабыр кылгыла, анткени, мага

согушууга буйрук берилген жок», - дечү эле. Хижрат кылышкандан кийин Алла Тааланын согушууга буйрук берген ушул аяты түштү. Заххок: «Расулулла ﷺдын асхабдары капырлар аларга азар берген убакта алар менен согушууга уруксат сурашты, ошондо Алла Таала ушул:

﴿إِنَّ اللَّهَ لاَ يُحِبُّ كُلَّ خَوَّانٍ كَفُورٍ﴾

***- „Албетте, Алла бардык кыянатчы жана неъматка капырдык кылуучуларды жакшы көрбөйт»,*** **[22:38]**

аятын түшүрдү. Ал зат хижрат кылгандан кийин төмөнкү:

﴿أُذِنَ لِلَّذِينَ يُقَاتَلُونَ بِأَنَّهُمْ ظُلِمُوا وَإِنَّ اللَّهَ عَلَى نَصْرِهِمْ لَقَدِيرٌ﴾

***- „Чабуулга учурап жаткан заттарга зулумдук көргөндүктөрү себептүү*** *(согушуу)* ***уруксаты берилди. Албетте, Алла аларды үстөм кылууга кудуреттүү»,*** **[22:39]**

аяты түштү», - дейт. Ушуга ылайык, Бул аят мусулмандардан – өздөрүнө жетип жаткан азарды кайтарууга болгон тыюуну – алып таштоо үчүн түшкөн эле. Демек, ал ишара далалаты менен согушууга болгон буйрукту түшүндүрсө да, белгилүү бир абал жөнүндө болуп жатат. Бул аят Алла жолунда согушуу шаръийлигинин баяны эмес, балким, жалаң азарды кайтаруу үчүн согушуунун шаръийлигин баяндап жатат. Бул аят менен «Тообо» сүрөсүндөгү аяттардын ортосунда карама-каршылык жок. О.э. «Тообо» сүрөсүнүн аяттары кийинчерек түшкөн, ошондуктан, бул жерде хастап коюу да, мурунку аяттарга чектелип калуу да жок.

Эгер ибн Абу Афвандан рыбаят кылынган: Расулулла ﷺ айтты: «**Эй адамдар, душманга жолугууну арзуу кылбагыла жана Алладан аафият сурагыла. Эгер аларга жолуксаңар сабыр кылгыла жана билип койгула, бейиш кылычтар саясы астында**» муттафакун алайх хадисти далил кылышса, бул хадистин сулхка тиешеси жок дейбиз. Себеби, хадис душманга жолугууну арзуу кылуудан кайтарат, алар менен согушуудан кайтарбайт же алар менен сулх түзүүгө буюрбайт. Уламалар «бул нахий – душманга жолугууга кубануудан кайтаруу» дешкен. Демек, бул орунсуз далил кылуу болот. Бул жерде далил кылып келтирүүгө болгон башка урунуулар да бар, алар раддия эле эмес сөз кылууга да арзыбайт. Бирок, биз аларды айрым кимселер далилдерди кандай туура келсе ошондой келтире берүүдөн уялбашын далилдеп коюу үчүн гана келтирип жатабыз. Алардын бар кам-ташбиши «Ислам жихад, согуш жана күрөш дини эмес, балким, тынчтык, коопсуздук, амандык жана таттуулук дини» деп далилдөө. Алар ушул тема туурасында келтирген айрым «далилдери» - Алла Тааланын төмөнкү аяттары:

﴿وَآمَنَهُمْ مِنْ خَوْفٍ﴾

***- „… жана коол-коркунучтан тынч кылды»,*** **[106:4]**

﴿حَرَمًا آمِنًا﴾

*- „…тынч-бейпил Харам»,* **[29:67]**

﴿وَهَذَا الْبَلَدِ الأَمِينِ﴾

*- „Мына ушул тынч-бейпил шаарга ант болсун»,* **[95:3]**

﴿وَلَيُبَدِّلَنَّهُمْ مِنْ بَعْدِ خَوْفِهِمْ﴾

*– „… коркунучтарынан кийин тынчтык-бейпилдикке бөлөп коюшун…»,* **[24:55]**

жана Расулулла ﷺдын мына бул сөздөрү: **«Силерден ким өз тобунда тынч-бейпил болсо»**. Ант болсун, бул шариятты жана адамдар акылын көзгө илбегендик болуп саналат.

## ТАЛАП ЖИХАДЫН ТАНУУЧУЛАРДЫН КҮМӨНДҮҮ ДАЛИЛДЕРИНЕ РАДДИЯ

Ислам тынчтык дини деп айтып жаткандар талап жихадын т.а. капырларга каршы биринчи болуп согуш ачууну танып жатышат. Алар коргонуу согушу пикирин кабыл кылып, талап жихадын т.а. чабуулду биринчи болуп баштоону танып жатышат. Алардын айрымдары «бүгүнкү күндө андай жихадга муктаждык жок, себеби, маддий тосуктарды аттап өтүү жана капырларга кагылышпай туруп даъватты жеткизүү мүмкүн, бул интернет, массалык маалымат каражаттары, китеп жана басылмалардан пайдаланып, капырлардын өлкөлөрүнө мечиттер куруу, Исламий борборлор ачуу жана Алланын динине киргизүү үчүн кишилер менен жандуу алака орнотуу аркылуу ишке ашат» дегенге чейин жетип барышты. Алар ушул иштерди талап жихадынын ордуна өтөт деп жатышат. Бул сөздөр Китеп жана Сүннөттүн насстарына жана сахабалардын ижмасына тескери, анткени, алардын бардыгы бизди – капырлар бизге каршы согуш баштабаса да, мусулман болбосо же жизя төлөп, Ислам өкүмүнө моюн сунбаса – аларга каршы биринчи болуп согуш баштоого буйруп жатат. Жогорудагы нусустар **<u>жихад сөз менен жеткирүү мүмкүнчүлүгү жок болгон абалда гана важып болот</u>** деген иллет менен иллеттенген эмес.

Китептеги нусустарга келсек, алар Алла Таала «Тообо» сүрөсүндө келтирген мына бул сөздөр менен келген:

﴿قَاتِلُوا الَّذِينَ لاَ يُؤْمِنُونَ بِاللَّهِ وَلاَ بِالْيَوْمِ الآخِرِ وَلاَ يُحَرِّمُونَ مَا حَرَّمَ اللَّهُ وَرَسُولُهُ وَلاَ يَدِينُونَ دِينَ الْحَقِّ مِنَ الَّذِينَ أُوتُوا الْكِتَابَ حَتَّى يُعْطُوا الْجِزْيَةَ عَنْ يَدٍ وَهُمْ صَاغِرُونَ﴾

***- „Аллага жана акырет күнүнө ишенбей турган, Алла жана Анын пайгамбары арам деген нерсени арам деп билбей турган, Акыйкат (Ислам) динине эътикат кылбаган, Китеп берилгендерден болгон кишилерге каршы,***

***тээ алар кордолгон абалдарында өз  колдору менен (моюндарындагы) жизяны төлөшмөйүнчө согушкула!»*** **[9:29]**

﴿وَقَاتِلُوا الْمُشْرِكِينَ كَافَّةً كَمَا يُقَاتِلُونَكُمْ كَافَّةً وَاعْلَمُوا أَنَّ اللَّهَ مَعَ الْمُتَّقِينَ﴾

***- „Бардык мушриктер силерге каршы согуш кылганы сыяктуу, силер да баарыңар аларга каршы согушкула! Дагы билип койгула, Алла таквадарлар менен бирге»,*** **[9:36]**

﴿يَاأَيُّهَا النَّبِيُّ جَاهِدْ الْكُفَّارَ وَالْمُنَافِقِينَ وَاغْلُظْ عَلَيْهِمْ وَمَأْوَاهُمْ جَهَنَّمُ وَبِئْسَ الْمَصِيرُ﴾

***- „Эй пайгамбар, капыр жана мунафыктарга каршы күрөшкүн жана аларга катуу тур. Алардын жайлары тозок. Кандай гана жаман акыбет бул!»*** **[9:73]**

﴿إِنَّ اللَّهَ اشْتَرَى مِنَ الْمُؤْمِنِينَ أَنفُسَهُمْ وَأَمْوَالَهُمْ بِأَنَّ لَهُمُ الْجَنَّةَ يُقَاتِلُونَ فِي سَبِيلِ اللَّهِ فَيَقْتُلُونَ وَيُقْتَلُونَ وَعْدًا عَلَيْهِ حَقًّا فِي التَّوْرَاةِ وَالإِنجِيلِ وَالْقُرْآنِ وَمَنْ أَوْفَى بِعَهْدِهِ مِنَ اللَّهِ فَاسْتَبْشِرُوا بِبَيْعِكُمُ الَّذِي بَايَعْتُمْ بِهِ وَذَلِكَ هُوَ الْفَوْزُ الْعَظِيمُ﴾

***- „Албетте, Алла момундардын жандарын жана малдарын алардан бейишке айырбаштап алды - алар Алла жолунда согушуп,*** *(капырларды)* ***өлтүрүшөт жана*** *(өздөрү да Алла үчүн шейит болуп)* ***өлтүрүлүшөт.*** *(Мындай момундарга бейиш берилишине)* ***Алла Тоорот, Инжил жана Куранда Өзүнүн чыныгы убадасын берген. Алладан да убадасын артык аткаруучу ким бар? Демек,*** *(эй момундар),* ***бул кылган соодаңарга кубангыла. Мына ушул чыныгы улуу бакыт»,*** **[9:111]**

﴿يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا قَاتِلُوا الَّذِينَ يَلُونَكُمْ مِنَ الْكُفَّارِ وَلْيَجِدُوا فِيكُمْ غِلْظَةً وَاعْلَمُوا أَنَّ اللَّهَ مَعَ الْمُتَّقِينَ﴾

***- „Эй момундар, жаныңардагы капырларга каршы согушкула жана алар силердеги күч-кубатты көрүшсүн! Билип койгула, албетте, Алла таквадарлар менен бирге».*** **[9:123]**

Булар акыркы түшүрүлгөн аяттардан болуп, буларды хас кыла турган же кайд кыла турган, же болбосо, насх кыла турган нерсе келбеген. Демек, булар жихаддын – коргонуу согушун да, кол салуу согушун да – өз  ичине алышына далил боло алат.

Ал эми Алла Тааланын төмөнкү:

﴿وَإِنْ جَنَحُوا لِلسَّلْمِ فَاجْنَحْ لَهَا﴾

***- „Эгер алар келишимге ыкташса, сен да ага ыктагын»,*** **[8:61]**

﴿وَقَاتِلُوا فِي سَبِيلِ اللَّهِ الَّذِينَ يُقَاتِلُونَكُمْ وَلاَ تَعْتَدُوا إِنَّ اللَّهَ لاَ يُحِبُّ الْمُعْتَدِينَ﴾

***- „Силерге каршы согушуучулар менен Алла жолунда согуш кылгыла жана чектен чыгуучу болбогула! Шексиз, Алла чектен чыгуучуларды жакшы көрбөйт»,*** **[2:190]**

﴿أُذِنَ لِلَّذِينَ يُقَاتَلُونَ بِأَنَّهُمْ ظُلِمُوا وَإِنَّ اللَّهَ عَلَى نَصْرِهِمْ لَقَدِيرٌ﴾

***- „Чабуулга учурап жаткан заттарга зулумдук көргөндүктөрү себептүү** (согушуу) **уруксаты берилди. Албетте, Алла аларды үстөм кылууга кудуреттүү»,*** **[22:39]**

аяттарына келсек, булар жана буга окшогон аяттар «Тообо» сүрөсүндөгү аяттардын умумийлигин хас кылууга да, мутлак келгенин кайд кылууга да жарабайт, себеби, булардын бардыгы «Тообо» сүрөсүндөгү аяттардан мурун түшкөн. Мурунку аят кийинкисин хас да, кайд да кыла албайт. Себеби, хас кылуу умумдун бир бөлүгүн насх кылуу ордуна өтөт т.а. умумий өкүмдүн бир бөлүгүн бекер кылып, ордуна башка өкүм коюу болот. Эгерде хас кылуу насх ордуна боло турган болсо, насх болушу үчүн насих (насх кылуучу) мансухтан (насх болуучудан) кийин келиши шарт кылынат. Ушул себептен улам, ушул аяттар «Тообо» сүрөсүнүн аяттарын хас кылууга жарабайт, себеби, алар мурунураак түшкөн. «Тообо» сүрөсүнүн аяттары жихад тууралуу түшкөн аяттардын акыркыларынан. Демек, бул жерде хас кылуу болбойт. Хас кылуу жөнүндө айтылган нерселер кайд кылууга да толугу менен туура келет. Демек, кайд кылуучу насс мутлак нассты кайд кылышы үчүн, же мутлакты кайд кылууга хамл кылуу сахих болушу үчүн, андан кийин же аны менен бирге түшкөн болушу керек. Ушуга ылайык, умум – аны хас кылуучу насс жок болгондуктан – умумий боюнча калат, мутлак да кайд кылуу же хамл кылуу мүмкүн болгон чектөөчү насс жок болгондуктан, мутлак боюнча калат.

Сүннөткө келсек, имам Бухарий жана Муслим Абдулла ибн Умардан төмөнкү хадисти келтиришет, Расулулла ﷺ айтты: «**Адамдар жалгыз Алладан башка илах жоктугуна жана Мухаммад Анын элчиси экендигине күбөлүк берип, намазды толук аткарып, зекетти бермейинче, алар менен согушууга буйрулдум. Эгер ушундай кылышса гана (мен) акылуу болгон кандарынан башкасын менден сактап калышат. Алардын эсеп-китеби болсо Алланын мойнунда**». Башка рыбаятта болсо: «**Инсандар жалгыз Алладан башка илах жоктугун айтмайынча алар менен согушууга буйрулдум. Эгер ушуну айтышса, (мен) акылуу болгон жандары жана малдарынан башкасын менден сактап калышат жана алардын эсеп-китеби Алланын мойнунда болот**». Муслим Сулайман ибн Бурайдадан, ал болсо атасынан келтирген хадисте мындай дейт: Расулулла ﷺ кошуунга же сарияга амир дайындаса, ага Алладан таква кылууну, өзү менен бирге болгон мусулмандарга жакшы мамиледе болууну насаат кылып айтчу эле: «**Алланын жолунда Алланын наамы менен казат кылгыла, Аллага капыр болгондор менен согушкула. Казат кылгыла, бөлүштүрүлө электе олжодон албагыла. Кыянат кылбагыла, мусла кылбагыла, жаш балдарды өлтүрбөгүлө. Эгер душман болгон мушриктерге**

**жолуксаңар, аларды үч фазилатка даъват кылгыла, алардын кайсы бирине ыраазылык билдирсе, ыраазы болгула жана алардан тыйылгыла: Аларды Исламга даъват кылгыла, эгер ыраазы болсо, кабыл алгыла жана тыйылгыла. Мекендеринен мухажирлер мекенине көчүүгө даъват кылгыла. Эгер муну аткарышса, мусулмандардын укук жана милдеттерине ээ болушунан кабардар кылгыла. Эгер көчүүдөн баш тартышса, аларды ушундан кабардар кылгыла, алар аърабий мусулмандар сыяктуу болуп, момундардын мойнундагы өкүм алардын дагы мойнунда болот, бирок, аларга олжодон эч нерсе тийбейт, эгерде мусулмандар менен жихад кылса мындан мустасна. Эгер мындан да баш тартышса, алардан жизя төлөшүн талап кылгыла. Эгер ыраазылык билдиришсе, кабыл алгыла жана тыйылгыла. Эгер андан баш тартышса, Алладан жардам сурагыла жана аларга каршы согушкула**».

Бул хадистердин экөө тең жихадды биринчи болуп баштоого чакырып жатат. Расулулла ﷺ Хунайнда Хавазинге, Тоифти камал кылганда Сакифке, Муъта жана Табукта Румга каршы согушту биринчи болуп баштаган. Тогуз жылдын ичинде – сарияларды эсепке албаганда – жыйырма жети жолу казат кылган.

Жихад Исламды жаюу үчүн Алланын жолунда согушуу экендиги жана ал биринчи болуп баштала турган согуш экендиги тууралуу сахабалардын ижмасына келсек, мунун далили Ирак, Перс, Шам, Мисир, Түндүк Африка, Хуросан, Кабул, Сижистан жана башка жерлердин фатх кылынышы. Египет кыбтыйлары да, барбар жана дайламийлер да мусулмандарга чабуул кылышкан жок. Бул өлкөлөрдүн бардыгы сахабалар заманында фатх кылынган. Алар согушту биринчи болуп баштап, бул өлкөлөрдү фатх кылышкан. Ушундан кийин да «жихад жалаң гана коргонуу согушу, Исламда талап жихады жок» дешке орун барбы?!

## ТЫЯНАК

Сөздүн кыскасы ушул, хазараттар кагылышы мукаррар (качып кутулгус анык нерсе), ал өтмүштө болгон, азыр да болуп жатат. Бул кагылышуу Кыямат күнүнөн бираз мурунураак аягына жеткенге чейин улана берет. Анткени, ал эң жаман калктарда гана болбойт. Эй мусулмандар, башын кумга катып алып, кордук менен чегинип, сухбатташууга чакырып жаткандарга алданып калбагыла. Тескерисинче, күрөшүүгө даярдык көргүлө. Себеби, Батыштын капиталистик хазараты силерди аскерий, саясий жана экономикалык жактан жеңди, бирок, пикирий жактан эч качан жеңе албайт. Анткени, силердин акыйдаңар ага өчөгүшкөн кимселердин үстүнөн жеңишке жетишүүчү жана ал жүрөктөрдө тирүү бойдон турат. Бирок, акыйдаңардан келип чыккан хазаратыңардын айрым түшүнүктөрүндө кемчиликтер болуп, алар кичине күңүрттөшүп калган. Китеп жана сүннөткө кайрылып, аларды тазалап, жабышып калган чаңдарын кагып салгыла. Далилсиз сөздөрдү же мужтахид болбогон кишилердин сөздөрүн далил кылып алуудан этият болгула. Себеби, азыркы доор – илими болбой туруп фатва бере турган жахил жетекчилердин доору. Ошондуктан, алардан этият болгула. О.э. ыкластуу жана активдүү аалымдарды издеп таап, диниңерди ошолордон үйрөнгүлө. Анткени, алар – бүгүнкү күндө сейрек кездешүүчү, зулматтарды жарык кылуучу чырактар. Жана ушуну билип койгула, акыры жеңиш жана ийгилик Ислам жана мусулмандардыкы болот. Муну бизге Алла жана Расулу катъий кабарларда убада кылган. Демек, Алланын убадасына ишенгиле, **ХАЛИФАҢАРДЫ** тикелөө жана жамаатыңарды өзүңөрдөн болгон бир кишинин үстүнө куруу үчүн аракет алып баргыла. Анткени, муну менен ал даярдык көрүп, үммөттү бириктирсин, душмандын жүрөгүнө коркуу салып, аймактарды коргосун, раиятка адилеттүүлүк кылсын, бөлүштүргүнү тең бөлүштүрсүн жана Алла анын колу менен – мейли, капырлар каалашпаса да – бул динди бардык диндерден үстөм кылсын.

Роббим, Мухаммаддын Үммөтүн Сени ыраазы кыла турган жана нусратыңа ылайыктуу боло турган ишке хидаят кылгын. Эй ырайымдуулардын ырайымдуусу, жалгыз Өзүңө жалбарып, Сенден гана жардам сурайбыз. Биз Сенин алдыңдагы алсыздарбыз, коргогун деп жалбаруучуларбыз жана жардамыңа муктаждарбыз. Диниңе жардам бер, убадаңды ишке ашыр жана нусратыңды түшүр. Акыркы дубаларыбыз: Аллага мактоолор айтуу.

**Сафар 1423-х. - Май 2002-м.**